**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча аймактык бөлүмү.**

**Жалал-Абад областынын Базар-Коргон районунун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын 2024-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгындагы бюджеттеринин түзүлүшү, аткарылышына жана муниципалдык ишканаларынын ишмердүүлүгүнө жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыгы боюнча**

**ЖАЛПЫЛОО ОТЧЕТУ**

**Аудиттин негизи:** Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аймактык бөлүмүнүн 2025-жылга карата аудитордук иш планы жана Эсептөө палатанын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн 2025-жылдын 31-мартындагы №02-3/48 буйругу.

**Аудиттин объектилери:** Базар-Коргон райондук мамлекеттик администрациясы, Базар-Коргон районунун өнүктүрүү фондусу, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Базар-Коргон финансы башкармалыгы, Базар-Коргон шаардык мэриясы, Базар-Коргон шаарынын мэриясынын алдындагы "Муниципалдык менчик башкаруу департаменти", "Жашылдандыруу жана көртөндүрүү", "Капиталдык курулуш" мекемелери,"Айыл чарба", "Базар-Коргон тазалык", "Базар-Коргон суу канал" муниципалдык ишканалары, Акман, Кеңеш, Сайдыкум, Арстанбап-Ата айыл өкмөттөрү жана айыл өкмөттөрү алдындагы "Гөлөгөн-Суу", "Сайдыкум-Тазалык", "Арстанбап-Ата таза суу жана тазалык" муниципалдык ишканалары.

Аудит объектилеринде 2024-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгына жүргүзүлгөн шайкештик аудит, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мамлекеттик инспектору Э.Ы.Караев (топтун жетекчиси), мамлекеттик инспекторлор: А.Орунбаев, Д.Ыдырысов,Т.Акматов, К.Ажиматов, жана Т.Зулуев тарабынан жүргүзүлдү.

Аудит Базар-Коргон райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким Т.Р.Эдиловго билдирүү менен, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Базар-Коргон финансы башкармалыгынын жетекчиси Ш.Б.Мамасыдыковдун катышуусунда жүргүзүлдү.

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан жүргүзүлгөн мурдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча берилген жазма буйруктардын аткарылышы:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан жүргүзүлгөн мурдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча берилген жазма буйруктардын аткарылышы ар бир аудит объектисинде каралып, аудит отчетторунда көрсөтүлдү.

Жалал-Абад областынын Базар-Коргон районунун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын 2023-жылдын 1-январынан 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгындагы бюджеттин түзүлүшү жана аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыгы боюнча жалпы **18694,3 миң сомдук** каржы бузуулар аныкталган, анын ичинен ордуна коюлууга тийиш болгон каржы бузуулар **15110,6 миң сомду түзүп**, **12907,4 миң** сом ордуна коюлган. Ал эми ордуна коюлбаган калдык сумма **2203,2 миң сомду түзгөн.**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аймактык бөлүмү тарабынан, Базар-Коргон райондук мамлекеттик администрациясына жана Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигинин Базар-Коргон финансы башкармалыгынын башчысы Ш. Мамасыдыковдун наамдарына жогоруда аныкталган каржы бузуулардан калган суммаларды ордуна коюу жана жергиликтүү бюджетке толуктоо, каржы бузууга жол берген тийиштүү кызматкерлерге карата чараларды көрүү боюнча 2025-жылдын

28-мартында №01-12/76 жазма буйрук берилген. Жазма буйрукка жооп иретинде, КР Финансы министрлигинин Базар-Коргон финансы башкармалыгы тарабынан 2025-жылдын 7-апрелиндеги №02-03/101 каты жөнөтүлгөн. Аныкталган каржы бузуулар толук ордуна коюлган.

**Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон району боюнча кыскача маалымат.**

Базар-Коргон району 1918-жылы түзүлгөн. Түштүк-батышынан Өзбекстан Республикасынын Андижан областы менен, батышынан Ноокен, түндүгүнөн Токтогул, түндүк-чыгышынын Тогуз-Торо чыгышынан жана түштүгүнөн Сузак райондору менен чектешет. Райондо 1 райондук деңгээлдеги шаар жана 4 айыл аймагы бар. Базар-Коргон шаары райондун борбору болуп эсептелет.

**Аянты:**

- Калкынын саны - 193982
- Кожолуктун саны - 39216
- Жалпы аянты - 202,1 миң. га.
- Деңиз денгээлинен бийиктиги - 600-2000 м.

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары:**

Базар-Коргон райондук мамлекеттик администрациясы райондо аткаруучу органы болуп эсептелет. Аппаратта 15 мамлекеттик кызматкер эмгектенет, алардын ичинен аялдар-5.

Айылдык кеңештин депутаттарынын саны 124 адам.

Шаардык кеңештин депутаттарынын саны 31 адам.

**Демографиялык жана социалдык тармак.**
**Калктын демографиялык көрсөткүчтөрү:**

Райондогу жалпы калктын саны боюнча: этникалык курамы: кыргыздар – 62,5%, өзбектер – 36,8% жана башка улуттар – 0,7%. Жыныстык бөлүнүшү: аялдар 50,0% жана эркектер 50,0%.

**Базар-Коргон районунун макро-экономикалык өнүгүү көрсөткүчтөрүнүн 2024-жылдын аткарылышы боюнча маалыматы**.

Базар-Коргон району боюнча 2024-жылдын 12 айында бардык тармактарды салыштырмалуу баада бирге эсептегенде 24 млрд. 475 млн. 942 миң 900 сомдук дүң продукция өндүрүлүп, өндүрүштүн көлөмү өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 110,3%га аткарылып, 2024-жылдын божомолуна карата 108,1%ды түзгөн. Жалпы өндүрүлгөн ички дүң продукциянын көлөмүнүн 49,3% айыл чарба тармагына, 30,3% чекене товар жүгүртүүгө, 8,2% капиталдык салымдарды өздөштүрүүгө, 5,8% өнөр жай тармагына жана 6,4 % акылуу кызмат көрсөтүүгө туура келет.

**Мамлекеттик бюджетке салык төлөмдөрүн жыйноонун абалы:**

Район боюнча 2024-жылдын 12 айынын жыйынтыгы менен мамлекеттик бюджетке салык төлөмдөрүн жыйноонун жалпы планы 477 млн. 125 миң 800 сом бекитилген болсо, иш жүзүндө 487 млн. 808 миң 900 сом жыйналып, план тапшырма 102,2% аткарылды. 2023-жылга салыштырмалуу 88 млн. 179 миң 600 сомго көп жыйналып, өсүү ыргагы 122,1% камсыздалган.

**2024-жылдын 12 айында тартылган ички жана тышкы инвестициясы:**

2024-жылдын 12 айында жалпы тартылган инвестициянын көлөмү 1 млрд. 364 млн. 279 миң 500 сомго жетип, өткөн 2023-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 185 млн. 425 миң 700 сомго көп болуп, өсүү ыргагы 115,7%ды түздү. Анын ичинен ички инвестициянын көлөмү 1 млрд. 186 млн. 792 миң 500 сомду түзсө, өткөн жылга салыштырмалуу 185 млн. 401 миң сом көп болуп 118,5%ды түзгөн. Ал эми тышкы инвестициялар 177 млн. 487 миң сомго тартылып, өткөн жылга салыштырмалуу 100,1%ды түзгөн.

**2024-жылдын 12 айдын ичинде жаны ачылган чакан жана орто ишканалар жана жумуш орундар боюнча:**

Район боюнча 2024-жылдын 12 айдын ичинде жеке ишкерлер тарабынан 178 чакан жана орто ишканалар ачылып, 668 жумуш орундары түзүлгөн. Анын ичинен өнөр жай тармагында 64, кызмат көрсөтүү тармагында 283, соода тармагында 235, айыл чарба тармагында 86 жумуш орундары ачылган.

**Райондук билим берүү бөлүмү**:

Базар-Коргон районунда жалпы 69 жалпы билим берүүчү орто мектеп, 52 мектепке чейинки билим берүү уюмдары бар.

2024-жылы жалпы 1 мектептин жаңы имаратынын курулушу аяктап пайдаланууга берилген. Райондо жалпы 2024-2025-окуу жылында даярдоо класстары менен бирге 1641 класс комплектиси менен 43 366 окуучу билим, тарбия алышат.

**Социалдык чөйрө:**

2024-жыл ичинде “үй-бүлөгө көмөк” мамлекеттик жөлөк пул алуу үчүн аз камсыз болгон 3628 үй-бүлөнүн документтери кабыл алынып, анын ичинде жөлөк пул алуу үчүн 12627 балага чегерилген болсо 2023-жылда “үй-бүлөгө көмөк” мамлекеттик жөлөк пул алуу үчүн 4586 аз камсыз болгон үй-бүлөнүн документтери кабыл алынып, анын ичинде жөлөк пул алуу үчүн 15449 балага чегерилип, өткөн жылга салыштырмалуу 2822 балага азайган. Ал эми “үй-бүлөгө көмөк” мамлекеттик жөлөк пул алуучу үй-бүлөлөрдүн саны 958 үй-бүлөгө азайган. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 15-июлундагы “Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам берүү жөнүндөгү” №385 токтомун ишке ашыруу максатында, жөлөк пул алып жаткан жарандардын арасынан чакан ишкердик кылуу үчүн Базар-Коргон районундагы 1000 үй-бүлө 100 000 сомдон алышып өздөрүнүн жумуштарын башташкан. Базар-Коргон району боюнча жакырчылыктын деңгээли 01.01.2024-жылга карата 23,7 % түзгөн болсо, 01.01.2025 жылга карата 22,0 % түзүп өткөн жылга салыштырмалуу жалпы жакырчылыктын деңгээли 1,7 % кыскарган.

Жалпы дарыгердик практика борборунун 4 филиалы,1 айылдык төрөт бөлүмү, 16 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу, амбулатордук дартты аныктоо бөлүмү, 3 кечиктирилгис тез жардам бөлүмү, 24 фельдшердик- акушердик пункт жана 1 тиш дарылоо эмканасы бар, жалпы 268 орундуу.

**Бюджеттик процесстин мыйзам нормаларына шайкештигине аудит.**

Базар-Коргон районунун жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгүнүн түзүлүшү негизинен, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү болжолу жөнүндө» токтомдоруна негиз, Базар-Коргон районунун өнүктүрүү Программасы алкагында, ошондой эле, жергиликтүү бюджеттерди түзүү, кароо, бекитүү жана аткаруу процессинде, мамлекеттик финансыны тескөө жаатында келип чыккан укуктук мамилелерди жөнгө салуучу, Кыргыз Республикасынын “Бюджеттик Кодексинин”, “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө”, “Кыргыз Республикасынын 2024-жылга карата республикалык бюджети жана 2025-2027-жылдарга божомолу” Мыйзамынын 11-12-беренелеринин талаптарына негиз, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына теңдөөчү трансферттерди биринчи кезектеги тартипте корголгон беренелер жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр боюнча чыгашаларды каржылоого багытталган.

Аудитке камтылган мезгилде бюджеттин аткарылышынын жүрүшүндө бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгүнө өзгөртүүлөр жергиликтүү Кеңештердин отурумдарында каралып, тактамалардын негизинде жүргүзүлгөн. Мындан сырткары, Кеңештердин токтомдорунун негизинде жылдын башында калган каражаттар жана отчеттук мезгилге бюджетти аткаруунун жыйынтыгында кирешелердин чыгымдардан ашыкча аткарылышынын эсебинен кошумча каражаттар бөлүнгөн.

2024-жылдын жергиликтүү бюджеттеринин киреше жана чыгаша бөлүгү жалпысынан 376 316,5 миң сомго бекитилген.

Ал эми 2024-жылдын 1-январына калган калдык 58 357,3 миң сомду түзөт, анын ичинен: бюджеттик каражаттар 55 834,1 миң сом жана атайын каражаттар 2 523,2 миң сом. Жогорудагы жылдын башына калган каражаттар жергиликтүү кеңештердин токтомдорунун негизинде кайра бөлүштүрүлгөн.

2024-жылдын ичинде бекитилген бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнө өзгөртүүлөр киргизилип, жыйынтыгында жергиликтүү бюджеттердин киреше бөлүгү жалпысы 433 738,0 миң сомго аткарылган.

**Жергиликтүү бюджеттин божомолунун түзүлүшүнө анализ жана бюджеттин резервтерин аныктоо.**

Аудит жүргүзүлгөн аралыкта, Базар-Коргон районунун жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгү, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин негизинде түзүлүп, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин сунушунун чегинде болжолдуу көрсөткүчтөрү боюнча түшүүчү салык жана салыктык эмес төлөмдөрү, жалпы мамлекеттик нормативдик чегерүүлөрдөн алынуучу салыктары жана теңдөөчү гранттын көлөмдөрү жеткирилген.

**Салыктык жана салыктык эмес кирешелердин аткарылышы, бюджеттин кирешелер түзүмүнүн бекитилген параметрлерине салыштырмалуу бюджеттин аткарылышына аудит.**

2024-жылга салыктык кирешелердин планы 253 267,8 миң сомго такталган. Жылдын жыйынтыгы менен салыктык кирешелерден 263 696,3 миң сом бюджетке түшкөн. Планга караганда 10 428,5 миң сомго көп чогултулган же 104,1%га аткаргылган.

2024-жылга салыктык эмес кирешелер 77 720,0 миң сомго такталган болсо, жыл ичинде салыктык эмес кирешелерден 81 203,4 миң сом киреше түшкөн, же план 104,5 %га аткарылган. Пландан 3 483,4 миң сомго киреше көп түшкөн.

**Бюджеттер аралык трансферттердин анын ичинен теңдештирүүчү трансферттердин жана максаттуу трансферттердин толук түшүшүнө талдоо жүргүзүү.**

**2024-жылы бюджеттер аралык трансферттердин** жалпы суммасы 90958,1 миң сомго каралган болсо, жергиликтүү бюджетке 88838,3 миң сом түшүп, план 97,7 %га аткарылган. Такталган план 2119,8 миң сомго аткарылган эмес. Анын ичинен:

- **теңдештирүүчү трансферттерден** 62575,6 миң сом алуу планы каралган болсо, иш жүзүндө 62575,6 миң сом алынган .

- **максаттуу трансферттерден** 28382,5 миң сом алуу каралган. Андан иш жүзүндө 26262,7 миң сом алынып, же 2119,8 миң сом республикалык бюджетке кайтарылган

**Дем берүүчү (стим) гранттын каржыланышына жана пайдаланышына аудит.**

**2024-жылы**, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жалпысынан 26 346,5 миң сомдук ***дем берүүчү гранттын*** эсебинен каржыланган 8-долбоор ишке ашырылган, анын ичинен: республикалык бюджеттен дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен 16 495,1 миң сом жана өздүк салымдары 9724,1 миң сомду түзгөн.

**Дем берүүчү (үлүштүк) гранттын сарпталышы айылдык аймактар боюнча:**

- Акман айыл өкмөтү боюнча 1 долбоор - 4762,8 миң сом,
- Арстанбап-Ата айыл өкмөтү боюнча 4 долбоор - 16903,3 мин сом,
- Кенеш айыл өкмөтү боюнча 3 долбоор - 4680,4 миң сом.

**Бюджеттин чыгашасынын динамикасына жана түзүлүшүнө аудит.**

Жергиликтүү бюджеттердин чыгаша бөлүгү атайын каражаттарды кошкондо такталган план 480 303,2 миң сомду түзгөн. Ал эми кассалык аткарылганы 445 412,8 миң сом болуп, такталган планга салыштырмалуу 34890,4 миң сомго аз же 92,7 %ды түзгөн. Анын ичинен активдер боюнча бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн такталган пландары 122

105,40 миң сомду түзсө, кассалык аткарылышы 116 233,6 миң сом болуп, такталган планга салыштырмалуу 5 871,8 миң сомго аз же 95,2 %ды түзгөн.

**Жалпы мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр бөлүмү.**

Жалпы мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр тармагы боюнча 2024-жылга бюджеттик чыгымдар жалпысынан 218 280,8 миң сомго такталган. Ал эми өздөштүрүлгөн сумма 197 113,0 миң сомду түзүп, планга салыштырмалуу 21 167,8 миң сомго кем чыгымдалган же 90,3%га аткарылган. Анын ичинен жалпы мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр чыгымынын активдери жана милдеттенмелердин такталган планы 36 231,0 миң сомго белгиленсе, кассалык чыгымдары 34 901,8 миң сомду түзгөн же 96,3 %га аткарылган.

**Экономикалык маселелер бөлүгү:**

2024-жылга “ Экономикалык маселелер” боюнча бюджеттик чыгымдар бардыгы болуп 53 239,4 миң сомго такталган. Ал эми кассалык чыгым 49 494,4 миң сомго аткарылып, такталган чыгым 3745,0 миң сомго кем каржыланып, же 93,0 %га аткарылган. Анын ичинен жалпы экономикалык маселелер чыгымынын активдери жана милдеттенмелердин такталган планы 35 961,7 миң сомго белгиленсе, кассалык чыгымдары 33 138,6 миң сомду түзгөн же 92,1 %га аткарылган.

**Турак жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр бөлүмү:**

Турак жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр бөлүмүнө каралган сумма 87 344,4 миң сомго такталган. Кассалык чыгым 85 748,8 миң сомго аткарылган, такталган чыгым 1595,6 миң сомго кем каржыланып, же 98,2 %га аткарылган. Анын ичинен турак жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр бөлүмүнүн “Активдер жана милдеттенмелер” бөлүмүнөн такталган сметалык чыгымдары боюнча 30970,8 миң сом чыгымдоо каралса, андан 29 799,7 миң сом чыгымдоо жүргүзүлгөн же болбосо 1 171,1 миң сомго кем чыгымдалып 96,2 %ды түзгөн.

**Эс алуу, спорт, мадният жана дин бөлүмү:**

2024-жылда эс алуу, спорт, маданият жана дин тармагын каржылоого каралган бюджеттик каражаттардын суммасы 11 020,9 миң сомго такталган. Иш жүзүндө 9 510,9 миң сом каржыланып, такталган чыгым 1510,0 миң сомго кем каржыланып, же 86,3%га аткарылган. Анын ичинен эс алуу, спорт, мадният жана дин бөлүмүнүн “Активдер жана милдеттенмелер” бөлүмүнөн такталган сметалык чыгымдары боюнча 531,0 миң сом чыгымдоо каралса, андан 331,5 миң сом чыгымдоо жүргүзүлгөн, же болбосо 199,5 миң сомго кем чыгымдалып 62,4 %ды түзгөн.

**Билим берүү бөлүмү:**

2024-жылда билим берүү тармагын каржылоого каралган бюджеттик каражаттардын суммасы 110417,7 миң сомго такталган. Иш жүзүндө 103545,7 миң сом каржыланып, такталган чыгым 6872,0 миң сомго кем каржыланып, же 93,8 %га аткарылган. Анын ичинен билим берүү бөлүмүнүн “Активдер жана милдеттенмелер” бөлүмүнөн такталган сметалык чыгымдары боюнча 18410,9 миң сом чыгымдоо каралса, андан 18062,0 миң сом чыгымдоо жүргүзүлгөн, же болбосо 348,9 миң сомго кем чыгымдалып 98,1 %ды түзгөн.

**Кредиттик, гранттык каражаттардын жана бюджеттик ссудалардын натыйжалуу пайдаланышына жана алардын кайтарымдуулугунун шарттарынын сакталышына аудит.**

Аудит жүргүзүлгөн мезгилде Базар-Коргон районунун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына кредиттик, гранттык жана бюджеттик ссудалар алынган эмес.

**Казына бөлүмүнүн функционалдык ишмердүүлүгүн текшерүү.**

Базар-Коргон райондук Казына бөлүмү 28 бюджеттик мекемени тейлейт, анын ичинде жергиликтүү бюджетте 5, республикалык бюджетте тургандар 23. Аталган мекемелерге казынада 90 бюджеттик, 25 атайын, 26 депозит эсеп счеттору ачылган.

Штаттык тизмеде финансы министрлигинин Базар-Коргон финансы башкармалыгынын казына бөлүмүндө 4 штаттык бирдик бар, анын ичинде: 1 башчы, 1 башкы адис, 1 жетектөөчү адис жана 1 адис, республикалык бюджет эсебинен

каржыланат. Жергиликтүү бюджеттен штаттык бирдик каржылоосу каралган эмес. Базар-Коргон Казына бөлүмү КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №438 "Бирдиктүү казыналык эсептин иштөө тартибин бекитүү жөнүндө" токтомунун негизинде бюджеттин аткарылышын көзөмөлдөйт жана республикалык 23 жана жергиликтүү 5 бюджеттерди аткаруунун эсебин алуусунун жана мезгилдүү отчеттуулукту түзүүсүнүн, аларды Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук Казыналыгына берүүсүнүн бирдиктүү жол-жобосун белгилейт.

2024-жылдын ичинде 517472,9 миң сом киреше бөлүмүнө түшкөн, анын ичинен: республикалык бюджет эсебине 226713,1 миң сом, жергиликтүү бюджетине 290759,8 миң сом, ошондой эле жергиликтүү бюджетине активдерди сатуудан 380,2 миң сом.

1С: Казна автоматташтырылган тутумунда күнүмдүк "Бөлүштүрүлгөн эмес счетунда" калдыктар чыгарылып турат жана киреше булагы жок негизсиз чыгымдар аныкталган эмес. Бюджеттик жана атайын каражаттардын чыгашалары, чыгаша сметалардын негизинде жүргүзүлгөн, жылдын башына калган калдыктар жана заявка негизинде бекитилген формасы менен алынган. Бюджеттик каражатты коммерциялык структураларга берилүүсү аныкталган эмес. 2024-жылдын Казналыктын Башкы китептин балансынын жыйынтыкталган отчётун түзүүнүн салыштыруусу (сверкасы) жүргүзүлдү. Текшерүү жүргүзүү маалында Базар-Коргон казына бөлүмүнүн башкы китептин "Жанылыш түшкөн каражат-Б" счетунда 01.01.2025-жылга калдык калган эместиги такталган, кредиттик сальдосу "Жанылыш түшкөн каражат-С" счетунда аныкталган эмес. Республикалык бөлүшүтүрүлгөн ресурстары боюнча: 2024-жылы ачылган кредиттер 2487251,5 миң сомду түзгөн. Кассалык чыгымдар 2487251,5 миң сомду түзгөн. Жылдын жыйынтыгында республикалык бюджеттен каржыланган бюджеттик мекемелер касс-планга өткөнүнө байланыштуу, иштетилбеген калдыктар автоматтуу түрдө КРФМнин Борбордук казынасы бюджеттик мекемелердин счетунан алып койгон. Активдер жана милдеттенмелер менен операциялар (республикалык бюджет): 2024-жылдын ичинде 56762,9 миң сом кредиттер ачылган, кассалык чыгымдар 56762,9 миң сомду түзгөн, республикалык бюджетте кайтарылуучу калдыктар аныкталган жок. Жергиликтүү бөлүштүрүлгөн ресурстары боюнча: 2024-жылда каржылоо жана кассалык чыгымдар 273952,9 миң сомду түздү. Базар-Коргон райондук бюджеттик мекемелердин "Бюджеттик каражаттын сметасынын аткарылышы" (форма №2) берилген отчётунун негизинде жүргүзүлгөн жана баштапкы бухгалтердик документтер боюнча маалыматтардан айырмачылык аныкталган жок. Жергиликтүү бөлүштүрүлбөгөн ресурстары боюнча: 2024-жылдын башына калдыктар 55834,1 миң сомду түзгөн, 2024-жылдын 31-декабрына калдыктар 45022,7 миң сомду түздү. Маалымат КЭК "Жергиликтүү бөлүштүрүлбөгөн" жана Каржы министрлигинин Базар-Коргон башкармалыгынын казына бөлүмүнүн бюджеттик тапшырмалар менен далилденген. Атайын каражаттын сметасынын аткарылышы" (форма №4) республикалык мекемелердин берилген отчетуна дал келет. Жергиликтүү бюджеттен тышкары ресурстар-атайын каражаттын сметасынын аткарылышы" (форма№4) жергиликтүү мекемелердин берилген отчётунун негизинде тастыкталган. Казынанын транзиттик эсептердин сальдосун күнүмдүк жабуусу текшерилди.

## ЖЫЙЫНТЫК:

Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон районунун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын 2024-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгындагы бюджеттин түзүлүшү жана аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыгы боюнча жалпы **28047,6 миң сомдук** каржылык бузуулар аныкталды, анын ичинен ордуна коюлууга тийиш болгон каржы бузуулар **27281,9 миң сом**, андан **24456,8 миң** сом *(бюджетке **3743,5 миң** сом, мекемелерге **20713,3 миң** сом)* ордуна коюлду, ордуна коюлбаган калдык сумма **2825,1 миң сомду** түзөт.

**Бузуулардын классификатору боюнча:**

- **(210202)** Бюджетке төлөмдөр, туумдар жана айып пулдарды өндүрүү боюнча көрүлбөгөн чаралар, **96,4 миң сом,** толук ордуна коюлууга тийиш, андан 9,9 миң сом бюджетке ордуна коюлду, ордуна коюлбаган калдык сумма 86,5 миң сомду түзөт;

- **(210305)** Бюджетке милдеттүү төлөмдөрдү чегербөө же толук эмес чегерүү (салыкка, СФ кошумча эсептөөлөр) **757,6 миң сом,** толук ордуна коюлууга тийиш, бюджетке ордуна коюлду;

- **(230207)** Курулуш-куроо иштеринин наркын жана/же көлөмүн жогорулатуу **7071,2 миң сом,** толук ордуна коюлууга тийиш, андан бюджетке 2779,3 миң сом жана мекемеге 2303,7 миң сом калыбына келтирилди, калдык сумма 1988,2 миң сомду түзөт;

- **(230303)** Кызматкерлердин эмгек акысына жана башка акчалай төлөмдөр боюнча ченемден ашыкча чыгымдар **627,7 миң сом,** андан 125,4 миң сом бюджетке калыбына келтирилүүгө тийиш, аудит учурунда 78,5 миң сом бюджетке ордуна коюлду, калдык сумма 46,9 миң сомду түзөт;

- **(230305)** Товардык-материалдык баалуулуктардын нормадан ашыкча чыгашалары **263,4 миң** сом, ордуна коюлууга жатпайт;

- **(230306)** ТМБ ченемден ашыкча запастары жана эсептешүүлөрдөгү каражаттар. Бузуулардын бул беренесине ТМБ ченемден ашыкча запастары жана эсептешүүлөрдөгү каражаттар боюнча бузуулар **348,7 миң сом,** толук ордуна коюлууга тийиш, ордуна коюлган жок;

- **(230402)** Отчеттуу жак катары саналган кызматкерлерге берилген каражаттар боюнча карыздын талап кылынбагандыгы **412,1 миң** сом, толук ордуна коюлууга тийиш, андан 38,0 миң сом бюджетке, 221,2 миң сом мекемеге ордуна коюлду, ордуна коюлбаган калдык сумма 152,9 миң сомду түзөт;

- **(310104)** Негизги каражаттардын кириштөө тартибин бузуу, негизги каражаттардын жана метериалдык эмес активдердин эскиргендигин эсептөөдөгү бузуулар. Белгиленген тартипте кириштелбеген, эсепке алынбаган мүлктүн болушу **18188,4 миң сом,** толук ордуна коюлууга тийиш, мекемеге толук ордуна коюлду;

- **(310105)** Мүлктүн жана акчалай каражаттардын (зыян келтирүү, жоготуу, уурдоо ) кем чыгуусу **205,6 миң сом,** толук ордуна тийиш, андан 56,8 миң сом бюджетке ордуна коюлду, ордуна коюлбаган калдык сумма 148,8 миң сомду түзөт;

- **(410205)** Командировкалык чыгымдарды, жөлөк пулдарды, компенсацияларды ж.б төлөмдөрдү төлөөгө байланыштуу бузуулар **76,5 миң** сом, толук ордуна коюлууга тийиш, андан 23,4 миң сом бюджетке ордуна коюлду, ордуна коюлбаган калдык сумма 53,1 миң сомду түзөт.

**Аудит объектилери боюнча:**

**1. Базар-Коргон райондук мамлекеттик администрациясында** *(Базар-Коргон райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким Эдилов Талантбек Расабекович, башкы эсепчиси Маманов Курманбек Нурмаматович)* **аудит мамлекеттик инспектор Э.Ы.Караев тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** Базар-Коргон районунун айыл өкмөттөрүнүн электр энергияга бекитилген лимиттери боюнча алып караганда, Акман айыл өкмөтүнө 1224,8 миң кВт/саат бекитилген болсо, анык эсептелип чыгымдалганы **1350,3** миң кВт/саат суммасы **5481,0** миң сомду түзөт. Жыйынтыгында, Базар-Коргон району боюнча айыл өкмөттөр арасында Акман айыл өкмөтүндө 2024-жылда 125,5 миң кВт/саат суммасы **263,4 миң сомдук** электр энергиясы ашыкча жумшалып, бюджеттик жоготууларга жол берилгендиги аныкталды.

**Сунуштама 1.** Электр энергиясын пайдаланууда, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 5-апрелиндеги №158-т Тескемесинин 5-жана 6-пункттарында каралган талаптар так аткарылып бюджеттик жоготууларга жол берилбесин. Электр энергиясын ашыкча чыгымдоого жол берген Акман айыл өкмөтүнүн жооптуу кызматкерине тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**2. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Базар-Коргон финансы башкармалыгында** *(жетекчиси Ш.Мамасыдыков, башкы адиси К.Айдаров)* **аудит мамлекеттик инспектор Э.Ы.Караев тарабынан жүргүзүлдү.**

Аудит жүргүзүү ишинин натыйжасында, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Базар-Коргон финансы башкармалыгынын 2024-жыл аралыгындагы иши баардык негизделген олуттуу аспекттеринде тиешелүү мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келгендиги аныкталды.

**3. Базар-Коргон районунун өнүктүрүү фондунда** *(жетекчиси Ш.Мамасыдыков, башкы адиси К.Айдаров)* **аудит мамлекеттик инспектор Э.Ы.Караев тарабынан жүргүзүлдү.**

Аудит жүргүзүү ишинин натыйжасында, Базар-Коргон районунун өнүктүрүү фондунун 2024-жыл аралыгындагы иши баардык негизделген олуттуу аспекттеринде тиешелүү мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келгендиги аныкталды.

**4. Базар-Коргон шаардык мэриясында** *(Базар-Коргон шаарынын мэри Мамбеталиев Нурмухаммед Камалбекович, финансы-экономикалык бөлүмүнүн башчысы Рахмоналиев Жамшидбек Расулович)* **аудит мамлекеттик инспектор Э.Ы.Караев тарабынан жүргүзүлдү**

**Аныкталды жана корутунду 1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 «Командировкалык чыгымдарынын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруусунун тартиби жөнүндөгү» токтомунун 1-пунктунун талаптарын бузуу менен 2024-жылы мэриянын 12 кызматкерине жалпы **53,1 миң сомдук** командировкалык чыгымдар ашыкча төлөнгөндүгү аныкталды, анын ичинен: суткалык акы төлөөгө 2,4 миң сом, турак жайды ижаралоо боюнча акы төлөөгө 15,6 миң сом жана жол кире чыгымдары үчүн 35,1 миң сом. Ордуна коюлган жок **(классификатор боюнча коду 410205).**

**Сунуштама 1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 «Командировкалык чыгымдарынын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруусунун тартиби жөнүндөгү» токтомунун 1-пунктунун талаптарын бузуу менен командировкалык чыгымдарга ашыкча төлөөлөргө жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү каралсын.

Командировкалык чыгымдар үчүн ашыкча төлөнгөн **53,1 миң сом** тиешелүү кызматкерлердин эсебинен бюджетке калыбына келтирилсин.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Жүргүзүлгөн инвентаризациянын жыйынтыгы менен, шаардын балансында турган негизги жана айланма каражаттардан, жалпы суммасы **1817,0 миң сомдук** бухгалтердик балансташ ашыкча техникалар аныкталды. Тактап айтканда, жергиликтүү бюджет эсебинен 2024-жылы алынган фронтальный погрузчик 1 даана суммасы 1475,0 миң сом, электроскутер 2 даана жалпы суммасы 52,0 миң сом жана электромуравей 2 даана жалпы суммасы 290,0 миң сомдук техникалар, бухгалтердик балanska негизги каражат эсебине "Машина жана жабдуулар" беренесине кириштелбей калгандыгы жана 6 бала бакчадан 11,1 миң сомдук жетишпестик, мектептер боюнча 7 мектептен 4,8 миң сомдук жетишпестик, жалпысынан чарба буюмдар жана тамак аштан **15,9 сомдук** жетишпестик аныкталды **(1817,0 миң сом сом – классификатор боюнча коду 310104; 15,9 миң сом – классификатор боюнча коду 310105)**.

Аудиттин жүрүшүндө жогоруда белгиленген ашыкча негизги каражаттар Базар-Коргон шаарынын мэриясынын бухгалтердик балансына бухгалтердик тактаманын негизинде бухгалтердик эсепке кириштелип ордуна коюлду жана жетишпестиктердин ичинен **12,2 миң** сому тийиштүү кызматкерлерден өндүрүлүп, 2025-жылдын 29-апрелиндеги №2091/RCAS/214 банктык квитанция менен тийиштүү бюджетке төгүлүп, калыбына келтирилди. Калыбына келтирилбеген калдык сумма 3,7 миң сомду түзөт.

**Сунуштама 2.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптарына ылайык мекеменин жетекчилиги жана башкы эсепчиси тарабынан мекеменин балансында турган негизги жана айланма каражаттардын туура жана так сарпталышына катуу көзөмөл жүргүзүлсүн. Бухгалтердик эсептин туура жүргүзүлбөгөндүгү себептүү, бухгалтердик эсептеги бузууга жол берген эсеп кызматкерлерине карата тийиштүү чаралар белгиленсин.

Өндүрүлбөй калган **3,7 миң сомдук** чарба буюмдар жана тамак аштан жетишпестик тийиштүү кызматкерлерден учурдагы базар баасында өндүрүлүп, бюджетке кайтарылсын.

**Аныкталды жана корутунду 3.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобосунун 7-главасынын 3-параграфынын 304-пунктунун талаптары сакталбастан, №23 А.Эралиев атындагы мектептин дене-тарбиячысы С.Дүйшөкуловдун жоопкерчилигине берилген **70,0 миң сом** бүгүнкү күнгө чейин сарпталган каражат жөнүндө авансытык отчет тапшырылбаган, же болбосо пайдаланылбаган авансытын калдыгы тиешелүү бюджетке кайтарылбаган. Ордуна коюлган жок **(классификатор боюнча коду 230402).**

**Сунуштама 3.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптарын бузуу менен жоопкерчиликке берилген акча каражаттарына өз убагында аванстык отчет тапшырбаган же болбосо пайдаланылбаган аванстын калдыгын бюджетке кайтарылышын талап кылбаган тийиштүү жооптуу кызматкерлерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

Жоопкерчиликке берилген **70,0 миң сом** тийиштүү жооптуу жактан өндүрүлүп, тиешелүү бюджетке ордуна коюлсун.

**Аныкталды жана корутунду 4. Базар-Коргон шаардык мэриясынын** жергиликтүү жана башка бюджеттик каражаттар эсебинен утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүлүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында курулуш-куроо иштеринин наркы жана көлөмү жалпы **1466,4 миң сомго** негизсиз жогорулатылгандыгы аныкталды, ордуна коюлган жок **(классификатор боюнча коду 230207)**. Андан:

- “**Базар-Коргон шаарынын Манас жана Бегимкулов көчөлөрүнө асфальт басуу”** объектиси боюнча подрядчы «Абий» ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштерге контролук өлчөө иштери жүргүзүлүп, жыйынтыгында курулуш-куроо иштеринин наркы жана көлөмү **960,3 миң сомго** жогорулатылгандыгы аныкталды. Тактап айтканда, жол четинин бекемдөө иштери 60%, асфальт басуу иштери 100 чарчы метрге аз аткарылган жана 48 метр болгон 400 мм. диаметрдеги темир түтүктөрү анык аткарылган көлөмдөн төлөмгө эки эсе көп кабыл алынган.

- **“Базар-Коргон шаарынын Вокзальный жана А.Текебаев көчөлөрүнө асфальт басуу”** объектиси боюнча подрядчы «БС-Арх» ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштерге контролук өлчөө иштери жүргүзүлүп, жыйынтыгында курулуш-куроо иштеринин наркы жана көлөмү **412,6 миң сомго** негизсиз жогорулатылгандыгы аныкталды. Тактап айтканда, асфальт басуу иштери 190 чарчы метрге, жолдун жээгин бекемдөө иштери 50% аз аткарылган жана 48 метр болгон 400 темир түтүгү чирибөө үчүн атайын 624 кг. антикорозиялык кара чакыч желими менен шыбалган эмес. Бирок жогорудагы аталган иштер кабыл алуу актыларына киргизилип, төлөмгө кабыл алынган.

- **“Базар-Коргон шаардык мэриясынын имаратынын бөлмөлөрүн кайра пландоо иштери”** объектиси боюнча подрядчы «СК-Биримдик» ЖЧКсы тарабынан

аткарылган иштерге контролук өлчөө иштери жүргүзүлүп, жыйынтыгында курулуш-куроо иштеринин наркы жана көлөмү **93,5 миң сомго** жогорулатылгандыгы аныкталды. Тактап айтканда, жуунучу кабина 1 даана орнотуу каралып 2 даана сметада каралып калган. Орнотуу расценканын ичинде 1 даана жууну кабинасы өчүрүлбөй, андан тышкары дагы бирөө каралып калган. Ал эми 25мм. өлчөмдөгү суу клапандары да 2 эсе көп каралган, 18 чарчы метр жыгач каптамаларын орнотууда керектелүүчү курулуш материалдары 2 эсе көп каралып калган.

**Сунуштама 4.** Утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик жана башка каражаттарын өздөштүрүүдө негизсиз төлөмдөргө жана мыйзам бузууларга жол берген жоопту кызматкерлерге, жетекчиликке жана техникалык көзөмөл кызматкерине карата мыйзам чегинде тийиштүү чаралар көрүлсүн.

Аныкталган жалпы **1466,4 миң сомдук** курулуш-куроо иштериндеги кошуп жазуулар толугу менен бюджетке калыбына келтирилсин, андан: “Абий” ЖЧКсы тарабынан **960,3** миң сом, “БС-Арх” ЖЧКсы тарабынан **412,6** миң сом жана “СК Биримдик” ЖЧКсы тарабынан **93,5** миң сом.

**5. Базар-Коргон шаарынын мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик башкаруу боюнча Департаментинде** *(жетекчиси Юсупжанов Араббай Нематжанович, башкы эсепчиси Маматкалыков Алтынбек Маматкалыкович)* **аудит мамлекеттик инспектор Э.Ы.Караев тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** КР Министрлер Кабинетинин 01.08.2022-жылдагы №433 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомунун 2.3-пунктунун 3-тиркемесинде белгиленген талаптары сакталбастан, мекеменин эки кызматкерине жалпы **14,6 миң сом** эмгек стажына ашыкча төлөмдөр жүргүзүлгөн **(классификатор боюнча коду 230303)**.

Аудит учурунда жоопту кызматкерлер А.Маматкалыков жана А.Абдурахманов тарабынан эмгек стажына ашыкча эсептелинген жалпы **14,6 миң сомдук** акча каражаты 24.04.2025-жылы №429100034 жана №429100036 билдирме квитанциялары аркылуу тиешелүү бюджетке калыбына келтирилди.

**Сунуштама 1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 01.08.2022-жылдагы №433 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомунун талаптарын бузуу менен кызматкерлердин эмгек стажына кошумча төлөмдөрдү ашыкча төлөөлөргө жол берген жоопту кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобосунун 7-главасынын 3-параграфынын 304-пунктунун талаптары сакталбастан, 2024-жылдын 15-февралындагы №4 чыгыштоо кассалык ордери аркылуу Н.Колдошовдун жоопкерчилигине берилген 38,0 миң сом бүгүнкү күнгө чейин сарпталган каражат жөнүндө аванстык отчет эсепчиге тапшырылбаган, же болбосо пайдаланылбаган аванстын калдыгы тиешелүү бюджетке кайтарылбаган **(классификатор боюнча коду 230402)**.

Көрүлгөн чаралардын натыйжасында жогорудагы **38,0** миң сомдук ашыкча пайдалануулар тийиштүү жоопту жактан өндүрүлүп, 2025-жылдын 24-апрелиндеги №429100038 билдирме квитанциясы менен тиешелүү бюджетке өндүрүлүп, калыбына келтирилди.

**Сунуштама 2.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун

талаптарын бузуу менен жоопкерчиликке берилген акча каражаттарына өз убагында авансты отчет тапшырбаган же болбосо пайдаланылбаган аванстын калдыгын тиешелүү бюджетке кайтарылышына жетиштүү көзөмөл жүргүзбөгөн тийиштүү жооптуу кызматкерлерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**6. Базар-Коргон шаарынын мэриясына караштуу Көрктөндүрүү жана жашылдандыруу чарбасында** *(жетекчиси Бердикулов Муса Эгембердиевич, башкы эсепчиси Жамшитов Бекмырза Замирбекович)* **аудит мамлекеттик инспектор Э.Ы.Караев тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** Көрктөндүрүү жана жашылдандыруу чарбасында 2024-жыл ичинде штаттык ырааттамада каралбаган 3,0 штаттык бирдикке эмгек акы эсептелинген. Атап айтканда, Базар-Коргон шаарынын борбордук стадионунун участка башчысы Э.Мыктыбековго 2024-жылдын март-апрель айларында 31,6 миң сом эмгек акы эсептелинип жана социалдык фондго болгон төлөмгө (17,25%) 5,5 миң сом, участка башчысы Ш.Сакыевге 2024-жылдын апрель-сентябрь (6 ай ичинде) айларында 98,4 миң сом эмгек акы эсептелинип жана социалдык фондго болгон төлөмгө (17,25%) 17,0 миң сом, участка башчысы К.Осмоновго 2024-жылдын октябрь-декабрь (3 ай ичинде) айларында 69,6 миң сом эмгек акы эсептелинип жана социалдык фондго болгон төлөмгө (17,25%) 12,0 миң сом, кароолчу Ж.Мамаевге жыл ичинде 114,4 миң сом эмгек акы эсептелинип жана социалдык фондго болгон төлөмгө (17,25%) 19,7 миң сом жана кароолчу С.Турабековго жыл ичинде 114,4 миң сом эмгек акы эсептелинип жана социалдык фондго болгон төлөмгө (17,25%) 19,7 миң сом болуп, жалпы **502,3 миң сом,** анын ичинен эмгек акыга 428,4 миң сом жана социалдык фондго болгон төлөмдөргө 73,9 миң сом негизсиз эсептелинип, которулуп берилгендиги аныкталды **(классификатор боюнча коду 230303)**.

**Сунуштама 1.** Базар-Коргон шаарынын мэриясы тарабынан бекитилген штаттык ырааттамасы сакталсын жана жыл ичиндеги кошумча штат бирдиги зарыл болгон учурда, талап кылынуучу штат бирдиктери, сарпталуучу каражат мэрияга сунушталып, кошумча бекитилсин. Ашыкча штаттык бирдиктерди кармоо себебинен **502,3 миң сом** бюджеттик жоготууга жол берген жооптуу кызматкерге тийиштүү чараларды көрүү жагы каралсын.

**Аныктталды жана корутунду 2.** Көрктөндүрүү жана жашылдандыруу чарбасынын жетекчиси тарабынан 2024-жылдын 1-февралындагы №15-б буйругунун негизинде портер автоунаасын айдоо үчүн штат бирдигиндеги айдоочунун убактылуу милдетин аткаруу (ордун ээлөө) мекеменин мастери С.Мирзакул уулуна жүктөлүп, 2024-жылдын февраль айынан тартып декабрына чейин 30% айдоочунун эмгек акысы эсептелинип берилген. Жыйынтыгында, Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 74-беренесиндеги “Убактылуу ордун ээлөөнүн узактыгы 3 айдан ашпашы керек” талаптары сакталбастан, мекеменин мастери С.Мирзакул уулуна 2024-жылдын май айынан декабрына чейинки (8-ай) эмгек акысына кошумча 42,4 миң сом негизсиз ашыкча эсептелинип төлөнгөндүгү аныкталды (**классификатор боюнча коду 230303)**.

Көрүлгөн чаралардын натыйжасында **42,4 миң сом** 2025-жылдын 25-апрелиндеги №1258/RCAS/10 билдирме квитанциясы менен тиешелүү бюджетке өндүрүлүп, калыбына келтирилди.

**Сунуштама 2.** Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 74-беренесинде белгиленген талаптарды бузууга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**Аныкталды жана корутунду 3.** Көрктөндүрүү жана жашылдандыруу чарбасынын чарбалык товарлары боюнча жалпы суммасы **33,5 миң сомдук** жетишпестик аныкталды, атап айтканда: С.Мирзакул уулунун жоопкерчилигинен жалпы суммасы **33,5** миң сомдук чарбалык товарлардын жетишпестиктери аныкталды **(классификатор боюнча коду 310105)**.

33,5 миң сомдук жетишпестик тийиштүү жооптуу тараптардан өндүрүлүп, 2025-жылдын 30-апрелиндеги №1829/RCAS/20 банктык квитанциясы менен тийиштүү бюджетке төгүлүп, калыбына келтирилди.

**Сунуштама 3.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптарына ылайык, мекеменин балансында турган негизги каражаттарга, товардык-материалдык баалуулуктардын сакталышына тийиштүү деңгээлде көзөмөл жүргүзүлсүн жана  чарбалык товарлардын жетишпестиктерине жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**7. Базар-Коргон шаарынын “Базар-Коргон сууканал” муниципалдык ишканасында** *(Базар-Коргон шаарынын Базар-Коргон сууканал” муниципалдык ишканасынын жетекчиси К. Аралов, башкы эсепчиси Ш.Сатвалдиев)* **аудит мамлекеттик инспектор А.Орунбаев тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** “Базар-Коргон сууканал” муниципалдык ишканасында Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин талаптарын бузуу менен 2024-жылы 16 кызматкерге эмгек акы төлөөдө **177,5 миң сомдук** киреше салыгы кармалбай төлөнүп берилгендиги аныкталды. Аудиттин жүрүшүндө тешелүү бюджетке которулуп калыбына келтирилди **(классификатор боюнча коду 210305).**

**Аныкталды жана корутунду 2.** Мекеменин кызматкерлерине эмгек акы өз учурунда жүргүзүлүп эмгек китепчесинде социалдык чегерүүлөр жана киреше салыктары кармалган, бирок тийштүү бюджетке өз учурунда чегерилип которулуп берилбегиндиги аныкталды. Тактап айтканда, 2025-жылдын 1-январына социалдык чегерүүлөргө **178,7** миң сом, ал эми киреше жана сатуу салыгынан **232,6** миң тийштүү бюджетке которулган эмес. Аудит учурунда жалпысынан болуп **411,3** миң сом тиешелүү бюджетке которулуп ордуна коюлду **(классификатор боюнча коду 210305).**

**Сунуштама 1 жана 2.** Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин жана КРнын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы № 385 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптарын бузууга, “Базар-Коргон сууканал” муниципалдык ишканасынын ишмердигин жүргүзүүдө салык жана камсыздандырүү төлөмдөрүн учурунда тиешелүү бюджетке чегерилбей калуусуна жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилиги берилсин.

**Аныкталды жана корутунду 3.** 2024-жылга жоопкер жактар менен болгон эсептешүүлөрдү жүргүзгөн учурда жалпысынан **262,5** миң сом дебитордук карыз менен чыккандыгы такталды. Жоопкерчиликтүү адамдар тарабынан алынган акча-каражатка муктаждыкка керектелүүчү материалдар өз мөөнөтүндө сатып алынып бухгалтерия тарабынан эсептөөшүүлөрдү жүргүзгөн эмес. Бухгалтердик эсеп-учету, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча” Жобосунун 6-параграфынын 37-пунктунда көрсөтүлгөн талаптарды бузуу менен жүргүзүлгөн. Аудит учурунда мекеменин жоопкерчиликтүү адамдарынын эсебинен 221,2 миң сом мекемеге ордуна коюлду ***(классификатор боюнча коду 230402).***

**Сунуштама 3 .** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптарына ылайык иш алып баруу жагы көзөмөлгө алынсын. Каржы бузууларга жол берген эсеп кызматкерлерине карата чаралар көрүлсүн.

Жоопкер жактар менен болгон эсептешүүдөгү 262,5 миң сомдук дебитордук карыздан ордуна коюлбаган **41,3 миң сому** ордуна коюлсун.

**8. Базар-Коргон шаардык «Тазалык» муниципалдык ишканасында** (*жетекчиси Нуркамилов Эрнист Апсаматович, башкы эсепчиси Култаев Мирлан Ташиевич)* **аудит мамлекеттик инспектор А.Орунбаев тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 24.07.2023-жылдагы №373 токтомунун 5-тиркемесинде белгилегендей камсыздандыруу төгүмдөрүнүн жана төлөөнүн тартиби бузулган. Тактап айтканда, убактылуу келишим менен иштеген 7 кызматкерге 195,6 миң сом эмгек акы төлөнгөн, аталган эмгек акыдан киреше салыгы жана социалдык камсыздандыруу төлөмдөрү кармалбастан төлөнүп берилген. Натыйжада аудиттин жыйынтыгы менен **29,2 миң сом** киреше салыгы жана **26,9 миң сомдук** социалдык камсыздандыруу төлөмдөрү кошумча эсептелинди. Аудит учурунда жалпысы болуп 56,1 миң сом ишкананын эсебинен тийиштүү бюджеттерге чегерилип ордуна коюлду **(классификатор боюнча коду 210305)**.

**Сунуштама 1.** Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин жана КР Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы № 385 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптарын бузууга, “Базар-Коргон сууканал” муниципалдык ишканасынын ишмердигин жүргүзүүдө салык жана камсыздандырүү төлөмдөрүн учурунда тиешелүү бюджетке чегерилбей калуусуна жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилиги берилсин.

**9. Базар-Коргон шаардык мэриясынын Капиталдык курулуш департаментинде** *(жетекчиси Айтмамат уулу Арыстанбек, башкы эсепчиси Саипов Нургазы Байышбекович)* **аудит мамлекеттик инспектор А.Орунбаев тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** Аудиттик текшерүү мезгилинде мекеменин кызматкери К.Оморовага социалдык төгүмдөрдүн 2% (пенсиялык фонд) кармалбастан жыйынтыгында **5,4 миң сом** ашыкча төлөөлөр жүргүзүлгөндүгү аныкталды. Аудит учурунда жооптуу кызматкер К.Оморова тарабынан ашыкча алынган 5,4 миң сом акча-каражаты 04.04.2025-жылдагы №2091/RCAS/12 төлөө тапшырмасы аркылуу калыбына келтирилди **(классификатор боюнча коду 210305)**.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Мекеменин башкы эсепчиси Н.Саиповго мамлекеттик жана муниципалдык эмгек стажында көрсөтүлгөн 10-жылдан 15-жылга чейинки 20% колдонулуп эмгек акысына ашыкча төлөөлөр жүргүзүлгөндүгү аныкталды. Аудит учурунда жооптуу кызматкер Н.Саипов тарабынан ашыкча алынган **21,5 миң сом** акча каражаты 04.04.2025-жылдагы №2091/RKAS төлөө тапшырмасы аркылуу мекемеге калыбына келтирилди **(классификатор боюнча коду 230303)**.

**Сунуштама 1 жана 2.** Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ № 266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгына ылайык эмгек стажына карата пайыздык үстөктөр туура колдонулсун. Эмгек акы төлөөдө каржы бузууларга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**Аныкталды жана корутунду 3.** 2024-жылдын 16-апрелиндеги №02-2/44 эки тараптуу түзүлгөн Келишимдин 3-пункту аткарылбагандыгы аныкталды. ”Агата-Инк” ЖЧКсы тарабынан курулуш обьектисин өз мөөнөтүнө аткарып бутпөгөндүгүнө байланыштуу, жалпы келишимдик баанын 0,01% туум эсептөөлөрү көрсөтүлгөн, бирок аталган чаралар колдонулган эмес. Жыйынтыгында, 2024-жылдын 12-июлунан тартып 2024-жылдын 31-августуна чейин жалпысынан болуп **9,9 миң сом туум** эсептелинди **(классификатор боюнча коду 210202)**.

Аудит учурунда мекеменин бухгалтериясы тарабынан «Агата-Инк» жоопкерчилиги чектелген коомунун депозиттик эсеп счетуна салынган акча-каражаттын эсебинен 9,9 миң сом 2025-жылдын 4-апрелиндеги №83 төлөө тапшырманын негизинде калыбына келтирилди.

**Сунуштама 3.** Бухгалтерия тарабынан түзүлгөн эки тараптуу Келишимде көрсөтүлгөн талаптар так аткарууга алынсын. Келишимдин талаптарын бузууда каралган туумдардын суммаларын өндүрүү үчүн зарыл чараларды көрбөгөн жана талаптагыдай контролдоону жүргүзбөгөн жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**Аныкталды жана корутунду 4.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 14-августундагы №468-т Тескемесинин 3-пунктунда көрсөтүлгөн “Бирдиктүү эсеп планы” жана “Борборлоштурулган бухгалтердик эсеп” автоматташтырылган маалыматтык системасы аркылуу жүргүзүлбөгөндүгү, ошондой эле жылдык бухгалтердик баланс түзүлбөгөндүгү аныкталды.

**Сунуштама 4.** Бухгалтердик эсепти жүргүзүүдө, Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтерия эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жообонун талаптарын бузууга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**Аныкталды жана корутунду 5. Базар-Коргон шаардык мэриясынын капиталдык курулуш департаментинин** жергиликтүү жана башка бюджеттик каражаттар эсебинен утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүлүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында курулуш-куроо иштеринин наркы жана көлөмү жалпы **945,4 миң сомго** негизсиз жогорулатылгандыгы аныкталды, толук калыбына келтирилди, андан *бюджетке 497,3 миң сом, мекемеге 448,1 миң сом)* **(классификатор боюнча коду 230207)**. Андан:

- «**Базар-Коргон шаарындагы айланма жолду капиталдык оңдоо**» объектиси боюнча подрядчы “МКА Групп” ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштерге контролук өлчөө иштери жүргүзүлүп, жыйынтыгында курулуш-куроо иштеринин наркы жана көлөмү **247,7 миң сомго** жогорулатылгандыгы аныкталды. Тактап айтканда, асфальт басуу иштери 660,0 чарчы метрге аз басылган. Андан тышкары асфальттын калыңдыгы 7 см. болуп 1- кабатын 4 см., 2- кабатын 3 см. басуу сметада каралып, бирок иш жүзүндө 7 см. бир кабат басылган. Көлөмдөр бир кабат 7 см. аткарылган, факт боюнча кайра эсептелди.

- «**Базар-Коргон шаарынын Жети-Кошкон участкасындагы Мадина балдар бакчасынын чатырын алмаштыруу**» объектиси боюнча подрядчы “Кош-Таш” ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштерге контролук өлчөө иштери жүргүзүлүп, жыйынтыгында курулуш-куроо иштеринин наркы жана көлөмү **162,5 миң сомго** негизсиз жогорулатылгандыгы аныкталды. Тактап айтканда, 308,0 чарчы метр болгон профилдүү баракча анык аткарылган көлөмдөн төлөмгө 2 эсе көп кабыл алынган. Сметадагы расценканын ичиндеги 0,7 мм. калыңдыктагы профилдүү баракча өчүрүлбөй калгандыктан 0,7 мм. баасында кабыл алынган.

- «**Базар-Коргон шаарындагы Насыйкат балдар бакчасынын жыгач полдорун алмаштыруу**» объектиси боюнча подрядчы “Ак-Суу Строй Суу Курулуш” ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштерге контролук өлчөө иштери жүргүзүлүп, жыйынтыгында курулуш-куроо иштеринин наркы жана көлөмү **87,1 миң сомго** негизсиз жогорулатылгандыгы аныкталды. Тактап айтканда жыгач полдорду жаткыруу иштери 50 чарчы метрге аз аткарылган, бирок төлөмгө толук кабыл алынган.

- «**Базар-Коргон шаарындагы А.Текебаев көчөсүнө жабык типтеги базардын куруу**» объектиси боюнча подрядчы “Алинур плюс” ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштерге контролук өлчөө иштери жүргүзүлүп, жыйынтыгында курулуш-куроо иштеринин наркы жана көлөмү **147,3 миң сомго** негизсиз жогорулатылгандыгы аныкталды. Тактап айтканда 10 даана отургуч, 10 даана урна орнотулган эмес, бирок төлөмгө толук аткарылган катары кабыл лаынган. Андан тышкары аткарылган иштерди тапшырууда **300,8 миң сомдук** дал келбестик аныкталган. Коштомо чыгымдар менен сметалык пайдалардын

пайыздык көрсөткүчтөрү жогорулатылган баалар алынган. Аталган дал келбестик боюнча Буйрутмачы менен Подрядчынын ортосунда өз ара эсептешүү актысы түзүлүп, подрядчынын учурдагы карызы **300,8 миң сомду** түздү. Аудиттин жүрүшүндө "Алинур плюс" ЖЧКсы тарабынан тапшырылган аткарылган иштердин актысынан кайра эсептөөдөн келип чыккан 300,8 миң сом акча каражаты "Буйрутмачы" менен "Подрядчынын" ортосунда өз ара эсептешүү актысы түзүлүп, "Алинур плюс" ЖЧКсы эсебинен азайтуу менен калыбына келтирилди.

**Сунуштама 5.** Утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик жана башка каражаттарын өздөштүрүүдө негизсиз төлөмдөргө жана мыйзам бузууларга жол берген жооптуу кызматкерлерге жана техникалык көзөмөл кызматкерине карата мыйзам чегинде тийиштүү чаралар көрүлсүн.

**10. Базар-Коргон шаардык мэриясынын алдындагы «Айыл чарба» муниципалдык ишканасында** *(жетекчиси Көчөров Бакытбек Зулпикарович, башкы эсепчиси Маманов Курманбек Нурмаматович)* **аудит мамлекеттик инспектор А.Орунбаев тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** «Айыл чарба» муниципалдык ишканасы жаңы түзүлгөн ишкана болгондугуна байланыштуу бюджетке төлөнүүчү Социалдык фонд төлөмү 17,25 %га 2024-жылдын 1-январына карата кредитордук, дебитордук карыздар болгон эмес, 2024-жылда 156,2 миң сом эсептелсе, жыл ичинде төлөнгөнү 48,9 миң сомду түзүп, 31.12.2024-жылга карата кредитордук карызы 107,3 миң сомду түзөт. Мекеменин кызматкерлерине эмгек акы өз учурунда жүргүзүлүп эмгек китепчесинде социалдык чегерүүлөр жана киреше салыктары кармалган, бирок тийиштүү бюджетке өз учурунда чегерилип которулуп берилбеген. Тактап айтканда, 2025-жылдын 1-январына 17-25% социалдык чегерүүлөргө кредитордук карыз менен өткөн. Аудит учурунда 17.04.2025-жылдагы төлөө тапшырманын негизинде жалпысынан болуп **107,3** миң сом ордуна коюлду **(классификатор боюнча коду 210305)**.

**Сунуштама 1.** КРнын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы № 385 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө" Нускаманын талаптарын бузууга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**11. Акман айыл өкмөтүндө** (башчысы Алкадыров Майрамбек Маматкулович, финансы-экономикалык бөлүмүнүн башчысы Олжобаева Нуржамал Курманбековна) **аудит мамлекеттик инспектор Т.Акматов тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** 2025-жылдын 1-апрелиндеги № 142-б буйругу менен комиссия курамы түзүлүп, айыл өкмөтүнүн балансындагы негизги каражаттарына, жабдууларга жана инвентарлардын сакталуусуна инвентаризация өткөрүлүп, бухгалтердик эсеп боюнча салыштырма ведомосту түзүлүп, анын натыйжасында 2024-жылы "Ашар Эл Курулуш" коомдук бирикмеси тарабынан курулуп бүткөрүлгөн Таш-Булак айылындагы №59 Замир Мураталиев атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин **16137,5 миң сомдук** жаңы имараты айыл өкмөтүнүн балансына кириштелбегендиги аныкталды. Натыйжада, КР Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторлорунда бухгалтердик эсепти жүргүзүү жана финансылык отчетторду түзүү" Жобосунун талабын бузууга жол берилген **(классификатор боюнча коду 310104)**.

Акман айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 1-апрелиндеги №142-б буйругуна ылайык айыл өкмөтүнүн балансына 16137,5 миң сомдук мектептин имараты кириштелип ордуна коюлду.

**Сунуштама 1.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча" Жобосунун талаптарын бузуу менен **16137,5 миң сомдук** муниципалдык мүлктөрдүн, материалдык, акчалай жана

эсептик активдердин баланска кириштелбей калуусуна жол берген жооптуу кызматкерлерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Базар-Коргон районунун Кеңеш айыл өкмөтүнүн жергиликтүү жана башка бюджеттик каражаттар эсебинен утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүлүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында курулуш-куроо иштеринин наркы жана көлөмү жалпы **746,2 миң сомго** жогорулатылгандыгы аныкталды, толук калыбына келтирилди **(классификатор боюнча коду 230207)**. Андан:

- «**Бешик-Жон айылынын борбордук көчөсүндөгү арчалардын айланасына тосмо куруу**» объектиси боюнча подрядчы "Прогресс курулуш" ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштерге контролук өлчөө иштери жүргүзүлүп, жыйынтыгында жалпы **423,0 миң сомдук** кошуп жазуулар аныкталды. Тактап айтканда, 5952,0 кг. темир тосмолорго 1488,0 кг. кошумча темир кошуу менен тосмолорду орнотуу иштери берилип иш жүзүндө аткарылган эмес. Аталган темир тосмолорду сырдоого 190 м2 аянт берилген. Бирок аткарылбастан кабыл алынган. Жумуштар толугу менен аткарылды.

-**"Акман айыл өкмөтүнүн Абдрахманов мектебине кампа куруу"** объектиси боюнча подрядчы "Прогресс курулуш" ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштерге контролук өлчөө иштери жүргүзүлүп, жыйынтыгында жалпы **71,6 миң сомдук** кошуп жазуулар аныкталды. Тактап айтканда, имараттын чатырынын алды жана капталдары жалпысы 10 чарчы метр аянты такып шыпталган эмес. Желдетүү системасын орнотуу берилип такыр аткарылган эмес.

-**"Жон айылына кичи футбол аянтчасын куруу"** объектиси боюнча подрядчы "Прогресс курулуш" ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштерге контролук өлчөө иштери жүргүзүлүп, жыйынтыгында жалпы **251,6 миң сомдук** кошуп жазуулар аныкталды. Тактап айтканда, футбол аянтына себилүүчү желим бөлүкчөлөрү аз себилген, 14,0 тонна кварц куму такыр чачылган эмес. Өрткө каршы системасын орнотуу берилип, бирок аткарылган эмес. Жумуштар толугу менен долбоордук чечимдерге ылайык аткарылды.

**Сунуштама 2.** Утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик жана башка каражаттарын өздөштүрүүдө негизсиз төлөмдөргө жана мыйзам бузууларга жол берген жооптуу кызматкерлерге, жетекчиликке жана техникалык көзөмөл кызматкерине карата мыйзам чегинде тийиштүү чаралар көрүлсүн.

**12. Акман айыл өкмөтүнүн "Акман" муниципиалдык ишканасында** *(жетекчиси А.Жолчиев, башкы эсепчиси У.Султанова)* **аудит мамлекеттик инспектор Т.Акматов тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныктталды жана корутунду 1.** Аудит камтыган мезгил аралыгында кызматкерлерге эмгек акы катары чегерилген суммадан 17,25% социалдык фондго ажыратуулар 86,5 миң сом бюджетке которулбай калгандыгы аныкталды **(классификатор боюнча коду 210202)**.

**Сунуштама 1.** КР Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы № 385 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө" Нускаманын талаптарын бузууга, "Акман" муниципалдык ишканасынын ишмердигин жүргүзүүдө камсыздандырүү төлөмдөрүн учурунда тиешелүү бюджетке чегерилбей калуусуна жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилиги берилсин.

Эмгек акы төлөөдө чегерилбей калган **86,5 миң сомдук** социалдык фондго төлөмдөр тиешелүү бюджетке өндүрүлүп ордуна коюлсун.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Мамлекеттик сатып алууларды ишке ашырууда, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү" мыйзамынын талаптарын бузууга жол берилген, тактап айтканда сатып алуулардын мамлекеттик парталына конкурска жарыя берилбей сатып алуулар жүргүзүлгөндүгү аныкталды.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтомунун негизинде бекитилген "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун" Типтүү тартибинин 10-пунктунда көрсөтүлгөн: "*Сатып алуулардын алгачкы планы пландоо мезгилинен мурунку жылдын аягына чейин баштапкы бюджеттин негизинде түзүлөт жана бекитилет. Сатып алуулардын такталган планы бюджет бекитилген күндөн тартып 30 (отуз) календардык күндүн ичинде тапшырыкчы тарабынан түзүлөт жана бекитилет*",-деген талабы жана 12-пунктунда көрсөтүлгөн: *"Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу процессин уюштуруу сатып алуулар бөлүмү же тапшырыкчы ыйгарым укук берген башка жак тарабынан анын ички документтерине ылайык жүзөгө ашырылат. Сатып алууларды уюштуруунун жана жүргүзүүнүн эрежелерин регламенттөөчү ички документтерди бекиткен тапшырыкчынын кызмат адамы же башкаруу органы сатып алууларды жүргүзүүдө тапшырыкчынын финансылык каражаттарын натыйжалуу жана үнөмдүү пайдалануу үчүн, бардык берүүчүлөргө карата адилеттүү, бирдей жана калыс мамилени камсыздоо үчүн жоопту*",- деген талаптары сакталбаган. Натыйжада, жогоруда көрсөтүлгөн нормативдик укуктук актынын негизинде сатып алуулар Планы түзүлгөн эмес, сатып алууларды кандай негизде жүргүзүү керек экендигин жөнгө салуучу "Ички тартиби" иштелип чыгылбаган. Жыйынтыгында, "Акман" муниципалдык ишканасы тарабынан 2024-жылы күйүүчү майларды сатып алууда мамлекеттик сатып алуулар порталына конкурска берилбестен, Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамынын талаптарын кыйгап өтүү менен, түздөн түз жүргүзүлгөн сатып алуулардын суммасы **311,2 миң сомду** *(ар түрдүү материалдарды алуу)* түзгөн.

**Сунуштама 2.** Муниципалдык ишканага керектүү материалдарды сатып алууда, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун" Типтүү тартиби бузулуп, аталган мыйзам талаптарын кыйгап өтүү менен каржылануулларга жол берген жооптуу кызматкерлерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**Аныкталды жана корутунду 3.** Муниципалдык ишкана тарабынан кассалык, эмгек акы чегерүүлөрү, аванстык отчеттор, материалдык отчеттор түзүлгөн. Жоопкерчиликке берилген акча каражаттары боюнча, ар түрдүү дебиторлор жана кредиторлор боюнча эсептешүүлөргө аналитикалык (регистр) китептер ачылган. Бирок, башкы китепчелер ачылып жүргүзүлбөгөн, калктан алынуучу төлөмдөрдүн дебитордук китептери ачылбагандыгы такталды.

**Сунуштама 3.** Кыргыз Республикасыны Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген «Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерди албаганда) бухгалтердик эсебиндеги документтердин жүгүзүлүшү жөнүндө" Жобосунун талаптарына ылайык, бухгалтердик эсептерди жүргүзүүдө ачык айкын, оперативдүү жана заманбап талапка жооп берген автоматташтырылган эсеп жургузүү системасына өткөрүлсүн.

**13. Кеңеш айыл өкмөтүндө** *(башчысы Турдукулов Эркин Нурдинович, финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы Абдраимов Эркинбек Гапарович)* **аудит мамлекеттик инспектор К.М.Ажиматов тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** Муниципалдык мүлктөрдү ижарага берүү боюнча жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча

мамлекеттик агенттигинин 2022-жылдын 28-июлундагы № 189 буйругу менен бекитилген “Муниципалдык менчиктеги объекттерди пайдаланууга жана ижарага берүүнүн тартиби жөнүндө” Типтүү Жобосунун талаптары сакталбай ижара келишимдери түзүлгөндүгү жана бюджетке каражаттардын келип түшүүсүн камсыздоо боюнча тиешелүү көзөмөл жүргүзүлбөгөндүктөн 2024-жылга мүлк ижара акысынан **25,0 миң сом** жергиликтүү бюджетке төгүлбөгөндүгү аныкталды. Аудиттин жүрүшүндө көрүлгөн чаралардын натыйжасында 25,0 миң сом ижара акысы ижарачыдан өндүрүлүп 15.04.2025-жылдагы №408400056 банктык төлөм квитанциясы аркылуу бюджетке калыбына келтирилди.

**Сунуштама 1.** Муниципалдык мүлктөрдү ижарага берүү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин 2022-жылдын 28-июлундагы № 189 буйругу менен бекитилген “Муниципалдык менчиктеги объекттерди пайдаланууга жана ижарага берүүнүн тартиби жөнүндө” Типтүү Жобонун талаптарына ылайык жүргүзүлсүн. Жергиликтүү бюджетке түшүүчү киреше (муниципалдык мүлктөрдүн ижара акысы) келишимде көрсөтүлгөн мөөнөттөн кечиктирбей өз убагында төлөнүүсүн камсыздоо боюнча тиешелүү көзөмөл жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду 2.** КР 2021-жылдын 27-октябрындагы № 125 “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” мыйзамынын талаптарынын сакталуусуна аудит жүргүзүүдө, Кенеш айыл өкмөтүндөгү муниципалдык кызматты ээлеп турган төмөнкү кызматкерлер: Уметова Г.- иш кагаздарын жүргүзүүчү адис, Аким кызы Майрам- киреше боюнча адис, Акматкулов А.- жер маселелери боюнча адис, аталган мыйзамдын 4-главасынын 16-беренесинде көрсөтүлгөн “Мамлекеттик жарандык кызматка жана муниципалдык кызматка кирүүнүн тартиби” жөнүндө талаптары сакталбастан муниципалдык кызматкерлердин кадрлар резервинен алынбастан, б.а муниципалдык кызматка кирүү тартиби боюнча конкурстан өтпөгөн кызматкерлер муниципалдык кызматта иштеп жатышкандыгы аныкталды.

**Сунуштама 2.** Кеңеш айыл өкмөтүнүн бекитилген штаттык бирдиктерине ылайык муниципалдык кызматкерлерди кызматка алуу Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” мыйзамынын талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**Эскертүү:** “Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” мыйзамынын 4-главасынын 16-беренесинин талаптарын бузуу менен, муниципалдык кызматкерлерди жумушка алуу фактылары аныкталган себептүү, **Кеңеш айыл өкмөтүнүн башчысына жана жооптуу кызматкерлерине** мыйзам чегинде тиешелүү чараларды көрүү боюнча Базар-Коргон райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-акимге **сунуштама** жиберилсин.

**Аныкталды жана корутунду 3.** КР Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы № 266 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө» Жарлыгынын 6-пунктунун талаптары сакталбастан кызматтык сапарда жүргөн кызматкерлерге транспорттук чыгымдар жана тамактануу үчүн **32,9 миң сом** компенсация негизсиз төлөнгөндүгү аныкталды. Ордуна коюлган жок **(классификатор боюнча коду 230303).**

**Сунуштама 3.** Муниципалдык кызматкерлерге эмгек акыларды эсептөө жана төлөөлөрдү жүргүзүүдө КР Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы № 266 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө» Жарлыгынын талаптарын бузуу менен кызматтык сапарда жүргөн кызматкерлерге транспорттук чыгымдар жана тамактануу үчүн негизсиз компенсация төлөмдөрүн жүргүзүүгө жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

Кызматтык сапарда жүргөн кызматкерлерге транспорттук чыгымдар жана тамактануу үчүн негизсиз төлөнгөн **32,9 миң сом** компенсация төлөмү бюджетке калыбына келтирилсин.

**Аныкталды жана корутунду 4.** Айыл өкмөттүн балансындагы негизги каражаттар жана товардык-материалдык баалуулуктарга жүргүзүлгөн инвентаризациянын жыйынтыгында айыл өкмөттүн аппарат кызматкеринин (жер адиси Т.Исаев) жоопкерчилигинен жалпы **145,1 миң сомдук** жабдуулардын *(1 даана ноутбук 80,0 миң сом жана 1 даана ЖПС 65,1 миң сом)* жетишпестиги аныкталды. Ордуна коюлган жок.

Ал эми №26 Абдыкадырова атындагы мектепке чейинки билим берүү уюмунда суммасы **100,0** миң сомдук 1 даана ашкана жабдуусу *(электр комфорка)* жана № 26 «Индиго» балдар бакчасында жалпы суммасы **133,9** миң сомдук *(1 даана муздаткыч 13,9 миң сомдук жана 1 даана ашкана жабдуусу (электр комфорка) 120,0 миң сомдук)* жабдуулары бухгалтердик эсептегиден ашыкча чыгып айыл өкмөттүн балансында жок экендиги аныкталды. Аталган жабдуулар жеке демөөрчүлөр тарабынан берилип айыл өкмөттүн балансына кириштелген эмес.

Аудиттин жүрүшүндө, аныкталган жалпы суммасы 233,9 миң сомдук 3 даана ашкана жабдуулары айыл өкмөттүн балансына кириштелип негизги каражаттар эсебине киргизилди (**классификатор боюнча коду 310104**).

**Сунуштама 4.** КР Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча жобону бекитүү жөнүндө” Жобосунун талаптарын бузуу менен жабдуулардын жетишпестигине жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

Айыл өкмөттүн аппарат кызматкеринин (жер адиси Т.Исаев) жоопкерчилигинен аныкталган жалпы **145,1 миң сомдук** жабдуулардын жетишпестиги өндүрүлүп, ордуна коюлсун.

**Аныкталды жана корутунду 5.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча» Жобонун 304-пунктунда белгиленген талаптарды бузууга жол берилген. Тактап айтканда, 01.01.2024-жылга карата **41,6 миң сомдук** дебитордук карыздарга азыркы аудит учуруна чейин 2 жооптуу кызматкер тарабынан аванстык отчеттору тапшырылбай келгендиги аныкталды. Ордуна коюлган жок (**классификатор боюнча коду 230402)**.

**Сунуштама 5.** Жооптуу жактарга жоопкерчиликке берилген каражаттардын отчетторун жүргүзүүдө, КР Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптарын бузуу менен, жоопкерчиликке берилген каражаттарды өз убагында өндүрүү боюнча чара көрбөгөндүгү үчүн айыл өкмөттүн жооптуу кызматкерлеринин жоопкерчилиги каралсын.

Жооптуу кызматкерлерге отчеттуулукка берилген **41,6 миң сом** акча каражаты тиешелүү кызматкерлерден өндүрүлүп бюджетке ордуна коюлсун.

**Аныкталды жана корутунду 6.** Базар-Коргон районунун Кеңеш айыл өкмөтүнүн жергиликтүү жана башка бюджеттик каражаттар эсебинен утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүлүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында курулуш-куроо иштеринин наркы жана көлөмү жалпы **266,9 миң сомго** жогорулатылгандыгы аныкталды, андан 20, 0 миң сом бюджетке калыбына келтирилди, калыбына келтирилбеген калдык сумма 246,9 миң сомду түздү **(классификатор боюнча коду 230207)**. Андан:

- «**№13 Анаркулов орто мектебинин жылытуу системасын оңдоо**» объектиси боюнча подрядчы “Аперикон” ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштерге контролук өлчөө иштери жүргүзүлүп, жыйынтыгында жалпы **59,6 миң сомдук** кошуп жазуулар аныкталды. Тактап айтканда, жумуштарды аткаруунун жүрүшүндө көлөмдөрдө өзгөрүүлөр болуп жыйынтыгында коштомо чыгымдар менен сметалык пайдаларга пайыздык көрсөткүчтөр көбөйтүлүп жазылган.

**-“№25 К.Артыкалиев орто мектебине аскердик плац куруу”** объектиси боюнча подрядчы “Дос-Инвест” ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштерге контролук өлчөө иштери жүргүзүлүп, жыйынтыгында жалпы **49,2 миң сомдук** кошуп жазуулар аныкталды. Тактап айтканда, 480,0 чарчы метр аянтка 6см. асфальт басуу каралып, бирок иш жүзүндө 5 см асфальт басылган.

**-“№25 К.Артыкалиев орто мектебинин чатырын жабуу”** объектиси боюнча подрядчы “Дос-Инвест” ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштерге контролук өлчөө иштери жүргүзүлүп, жыйынтыгында жалпы **67,8 миң сомдук** кошуп жазуулар аныкталды. Тактап айтканда, мектептин чатырынын суу агуучу ноолору, жалпы эсепте 134 метр такыр орнотулган эмес. Жумуштар толугу менен аткарылуусу зарыл.

**№33 Ж.Турусбеков мектебинин чатырын жабуу”** объектиси боюнча конкурска катышкан талапкерлердин сунуштаган баасында 29,9 миң сомго айырма болгонуна карабастан кымбат баа сунуштаган “Подрядчы” менен КР “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын 26-беренесинин 6-пунктунун 2-бөлүмү бузулуп келишим түзүлгөн. Ооз эки баш тартып, бирок ГОКЗ кармалган эмес. Аудит учурунда “Дос-Гарант” ЖЧКсы тарабынан 22.09.2025-жылдагы №114 төлөө тапшырмасынын негизинде **20,0 миң сом** баштагы төлөнгөн кепилдик камсыздама айыл өкмөттүн эсептик счетуна кайра которулду.

Ал эми, ушул курулуш объектиси боюнча “Ак-Суу строй суу курулуш” ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштерге контролук өлчөө иштери жүргүзүлүп, жыйынтыгында **70,3 миң сомдук** кошуп жазуулар аныкталды. Тактап айтканда, мектептин чатырын жылуулоо иштеринин экинчи катмары 25% аз аткарылган, кампа куруу иштериндеги жер казуу иштери аткарылган эмес жана бетон куймалары 7 м3 аз аткарылган.

**Сунуштама 6.** Утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик жана башка каражаттарын өздөштүрүүдө негизсиз төлөмдөргө жана мыйзам бузууларга жол берген жооптуу кызматкерлерге, жетекчиликке жана техникалык көзөмөл кызматкерине карата мыйзам чегинде тийиштүү чаралар көрүлсүн.

Калыбына келтирилбеген **246,9 миң сомдук** курулуш-куроо иштеринин наркы жана көлөмүн жогорулатууларды калыбына келтирүү боюнча тийиштүү чаралар көрүлсүн, андан: 2 курулуш объектиси боюнча “Дос Инвест” ЖЧКсы тарабынан **67,8 миң сомдук** жумуштар аткарылып, **49,2 миң сом** бюджетке калыбына келтирилсин; “Аперикон” ЖЧКсы тарабынан **59,6 миң сом** жана “Ак-Суу строй суу курулуш” ЖЧКсы тарабынан **70,3 миң сом** бюджетке калыбына келтирилсин.

**14. Кеңеш айыл аймагындагы «Гөлөгөн-Суу» муниципалдык ишканасында** *(жетекчиси Эргешев Тойчибек Шарабидинов, эсепчиси Акышева Гулмира Адылбековна)* **аудит мамлекеттик инспектор К.М.Ажиматов тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** «Гөлөгөн-Суу» муниципалдык ишканасы тарабынан кызматкерлерге эмгек акыларды эсептөө жана төлөөлөргө жүргүзүлгөн аудитте, 01.01.2025-жылга карата кызматкерлердин эмгек акысынан 866,1 миң сом кредитордук карыздар бар экендиги аныкталды. Бул карыздар жайыт пайдалануучулар бирикмесинин, «Гөлөгөн-Суу» муниципалдык ишканасынын мурдагы жылдардан өтүп келе жаткан карыздары болгон.

**Сунуштама 1.** Эмгек акыдан пайда болгон кредитордук карыздарды жоюу боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн жана муниципалдык ишкананын эмгек акыларын эсептөө жана төлөө, КР Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин 2024-жылдын 11-

январындагы № 01-25/6 буйругу менен бекитилген "Муниципалдык ишкананын ишмердүүлүгүн уюштуруу жөнүндө" Усулдук колдонмого ылайык жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Мамлекеттик сатып алууларды ишке ашырууда, сатып алуулар электрондук сатып алуулар порталы аркылуу жүргүзүлгөн эмес, алынган бардык шаймандар, материалдар жана кызмат көрсөтүүлөр түз келишимдин негизинде которуу жолу менен жана жоопкерчиликке берилген кызматкерлер аркылуу накталай төлөөлөр менен жүргүзүлгөндүгү аныкталды.

**Сунуштама 2.** Муниципалдык ишкана тарабынан сатып алууларды жүргүзүү, КР Министрлер Кабинетинин 10.06.2022-жылдагы №301 «Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу» токтомунун негизинде электрондук сатып алуу порталы аркылуу жүргүзүлсүн.

**15. Сайдыкум айыл өкмөтүндө** *(Сайдыкум айыл өкмөтүнүн башчысы Жолдошов Теңирберди Раимбердиевич, каржы-экономика бөлүмүнүн башчысы Абдыкадыров Касымбек Мамазакирович)* **аудит мамлекеттик инспектор Д.К.Ыдырысов тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгынын 6-пунктунун талаптары сакталбастан кызматтык сапарда жүргөн 11 кызматкерге транспорттук чыгымдар жана тамактануу үчүн **14,0 миң сом** компенсация негизсиз төлөнгөндүгү аныкталды. Ордуна коюлган жок **(классификатор боюнча коду 230303)**.

**Сунуштама 1.** Муниципалдык кызматкерлерге эмгек акыларды эсептөө жана төлөөлөрдү жүргүзүү КР Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы № 266 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө» Жарлыгынын талаптарын бузуу менен кызматтык сапарда жүргөн кызматкерлерге транспорттук чыгымдар жана тамактануу үчүн негизсиз компенсация төлөмдөрүн жүргүзүүгө жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

Кызматтык сапарда жүргөн 11 кызматкерге транспорттук чыгымдар жана тамактануу үчүн негизсиз төлөнгөн **14,0 миң сом** компенсация бюджетке калыбына келтирилсин.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Товардык-материалдык баалуулуктардын ар бир тобу боюнча белгиленген акчалай запас нормалары отчеттук жылдын аягындагы калдык менен салыштырылат. 1-январга карата акчалай туюнтуудагы ашыкча запастар материалдардын ар бир түрү боюнча суммаланат. Жылдык баланстын 3-тиркемесинин негизинде запастар ТМБ калдыгы боюнча 2024-жылдын 1-январына карата калдыгы 898,9 миң сом болгон, жыл ичинде кириштөө 5 981,0 миң сом, жыл ичинде 5 932,1 миң сомго сарпталган, жылдын аягына 947,7 миң сом калдык эсептелип, ашыкча запастар кармалганы аныкталды.

31221130 "Көмүрдү сатып алуу жана отундун башка түрлөрүн алуу" беренеси боюнча 2024-жылдын башына калдык 871,2 миң сом, жыл ичинде криштөөлөр 1 762,8 миң сом, жыл ичинде чыгыштоолор 1 714,0 миң сомду түзүп, жылдын аягына 920,0 миң сом калдык эсептелген, жыйынтыгында **348,7 миң сомдук** көмүрдөн калдык болгон, бирок 2025-жылдагы көмүргө болгон сметалык чыгымдарды бекитүүдө эсепке алынган эмес (1714,0/360)*120)=571,3-920,0)=348,7. Ордуна коюлган жок (**классификатор боюнча коду 230306).**

**Сунуштама 2.** Көмүр-отун запастарын эсепке алууда, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 03.11.2011-жылдагы № 694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптарын бузууга жол берген жооптуу кызматкерге карата тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

Аудит учурунда аныкталган **348,7** миң сомдук нормадан ашыкча көмүр-отун запастары 2025-жылдагы каржылоодо эсепке алынып, калыбына келтирилсин.

**Аныкталды жана корутунду 3.** Жүргүзүлгөн инвентаризациянын жыйынтыгында 5 жооптуу адамдардын жоопкерчилигинен **11,1 миң сомдук** чарбалык товарлардын жетишпестиктери аныкталды. Жетишпетистер тиешелүү жооптуу жактардын эсебинен өндүрүлүп, 2025-жылдын 19-апрелиндеги №391700041 жана №429100082 банктык дүмүрчөктөр аркылуу бюджетке калыбына келтирилди (**классификатор боюнча коду 310105)**.

**Сунуштама 3.** Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген **“**Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптарына ылайык, негизги каражаттарга жана товардык-материалдык баалуулуктарга көзөмөл тийиштүү деңгээлде жүргүзүлсүн. Жетишпестиктерге жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**Аныкталды жана корутунду 4.** Айыл өкмөтүндө 01.01.2024-жылдын башына ижарачылардан 1240,5 миң сом карыз болгон. Жыл ичинде жалпы эсептелгени 5 615,5 миң сом болсо, жыл ичинде 4 385,7 миң сом өндүрүлгөн. Ал эми 31.12.2024-жылдын аягына ижарачылардан **1 229,8 миң сом** карыз болгон. Айыл өкмөтү тарабынан ижара төлөмдөрүн өндүрүү боюнча тийиштүү деңгээлде иш-чаралар жүргүзүлбөгөн. Тактап айтканда, түзүлгөн келишимдин 3.4-пунктунда “Ижара акыны төлөө боюнча милдеттенме бузулганда Ижарачы төлөмдүн кечиктирилген ар бир күнү үчүн өз убагында төлөнгөн сумманын 0,5%дык өлчөмүндө айып төлөйт” - деп белгиленген, бирок айыл өкмөтү тарабынан кечиктирилген карыздарга 0,5% кошуу эсеби жүргүзүлгөн эмес. Келишимге өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнүн, ошондой эле аны бузуунун тартиби боюнча: “Төмөндөгүдөй укук бузуулар тууралуу жазуу түрүндөгү эскертүү чыккандан кийин 30 күндүк мөөнөттө ижарачы аларды жойбосо, жер участкасын ижаралоо келишими сот тартибинде бузулушу мүмкүн” - деп көрсөтүлгөн.

**Сунуштама 4.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы № 243 “Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби жөнүндө типтүү жобо тууралуу” токтомунун талаптарына ылайык ижара акы төлөмдөрүн өз убагында өндүрүү боюнча жана карызын төлөбөгөн ижарачыларга карата мыйзамдуу чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду 5.** Базар-Коргон районунун Сайдыкум айыл өкмөтүнүн жергиликтүү жана башка бюджеттик каражаттар эсебинен утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүлүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында курулуш-куроо иштеринин наркы жана көлөмү жалпы **274,9 миң сомго** жогорулатылгандыгы аныкталды, калыбына келтирилген жок **(классификатор боюнча коду 230207)**. Андан:

**- “№37 Сайдыкум орто мектебинин айланасын тосуу”** объектиси боюнча подрядчы “Аалам Строй Групп” ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштерге контролук өлчөө иштери жүргүзүлүп, жыйынтыгында курулуш-куроо иштеринин наркы жана көлөмү **51,5 миң сомго** жогорулатылгандыгы аныкталды. Тактап айтканда, бетон куймалары темир

устундардын алдына 5м3 аз куюлган, темир устундар сырдалган эмес жана негизсиз төлөмгө кабыл алынган.

Конкурстук комиссиянын мүчөлөрүнүн 2024-жылдын май айындагы отурумунда түзүлгөн сатып алуулар жол-жоболорунун протоколуна ылайык, баасы боюнча төмөнкү бааны сунуштаган "Миллион строй" ЖЧКсы буга чейинки 2023-жылдын 14-августундагы №45 келишимин аткаруудагы иш кагаздарын толук бүтүрбөгөндүгү себеп жеңүүчү деп табылган эмес. Эки курууучу ишкананын ортосундагы айырма 21,1 миң сом, андан кийинки талапкер "Ааалам СтройГрупп" ЖЧКсы жеңүүчү болуп табылган, "Буйрутмачы" Сайдыкум айыл өкмөтү менен "Подрядчы" – "Аалам СтройГрупп" ЖЧКсынын ортосунда: "Объект №37 Сайдыкум орто мектебинин айланасын тосуу" райондук өнүктүрүү фондунун эсебинен 998,1 миң сом, жергиликтүү бюджеттен 142,8 миң сом, жалпы 1140,5 миң сомго №43 каттоо келишими 2024-жылдын 18-июнунда түзүлгөн.

Тактап айтканда, 21,1 миң сомго мамлекеттик казынага зыян келишими түзүлгөн. Себеби, мамлекеттик сатып алуулар мыйзамына ылаык эң төмөнкү бааны сунуштаган жана квалификациялык, техникалык талаптарга жооп берген курууучу ишкана жеңүүчү болуп табылуусу зарыл эле. "Миллион строй" ЖЧКсы жүйөсүз четтетилген.

**- "№9 Ж.Асанов мектебинин 2-корпусунун чатырын капиталдык оңдоо иштери"** объектиси боюнча подрядчы "Миллион строй" ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштерге контролук өлчөө иштери жүргүзүлүп, жыйынтыгында курулуш-куроо иштеринин наркы жана көлөмү **202,3 миң сомго** жогорулатылгандыгы аныкталды. Тактап айтканда, жалпы 1343,0 чарчы мерт аянтка профилдүү баракчанын алдына жыгач рейкаларын алмаштыруу каралып, бирок жалпы эсепте 100 чарчы метр аянты гана алмашып калганы алмашылган эмес жана негизсиз төлөмгө кабыл алынган.

**Сунуштама 5.** Утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик жана башка каражаттарын өздөштүрүүдө негизсиз төлөмдөргө жана мыйзам бузууларга жол берген жооптуу кызматкерлерге мыйзам чегинде тийиштүү чаралар көрүлсүн.

Аныкталган жалпы **274,9 миң сомдук** каржы бузууларды калыбына келтирүү боюнча тийиштүү чаралар көрүлсүн, андан:

- "Аалам СтройГрупп" ЖЧКсы тарабынан **51,5 миң сом** бюджетке калыбына келтирилсин;

"Миллион строй" ЖЧКсы тарабынан **202,3 миң сом** бюджетке калыбына келтирилсин;

-"№37 Сайдыкум орто мектебинин айланасын тосуу" иштериндеги КР "Мамлекеттик сатып алуу жөнүндө" Мыйзамын бузуудан чыккан **21,1 миң сомдук** айырмачылык тиешелүү кызматкерлер тарабынан бюджетке калыбына келтирилсин.

**16. Сайдыкум айыл өкмөтүнүн "Сайдыкум-Тазалык" муниципалдык ишканасында** (жетекчиси Жакыпов Алтынбек Абдубахапович, эсепчиси Акматалиева Нурайым) **аудит мамлекеттик инспектор Д.К.Ыдырысов тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** "Сайдыкум-Тазалык" муниципалдык ишканасында 2024-жылдын жыйынтыгы менен алган пайда же зыяны боюнча отчету түзүлгөн эмес

**Сунуштама 1.** Кыргыз Республикасынын 29.04.2002-жылдагы №76 "Бухгалтердик эсеп жөнүндөгү" Мыйзамы жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында ишкердик субъектилеринде, коммерциялык эмес уюмдарда (бюджеттик мекемелерден сырткары) бухгалтердик эсепти жана каржылык отчетторду жүргүзүүнүн маселелери жөнүндөгү" Жобосунун талаптарына ылайык бухгалтердик эсептин туура жүргүзүлүшү көзөмөлгө алынсын.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Мамлекеттик сатып алуулар боюнча бөлүм түзүлгөн эмес жана жыл ичинде күйүүчү майга бир жолу тоорук өткөрүлгөн. Чарбалык муктаждыктары үчүн тооруксуз жалпы суммасы **60,7 миң сомдук** ар түрдүү чарбалык жана кеңсе буюмдары сатып алынган жана пайдаланылгандыгы аныкталды.

**Сунуштама 2.** Мамлекеттик сатып алууларды ишке ашырууда, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" мыйзамынын 10 жана 12-беренелеринин талаптарын бузууга жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берилсин.

**Эскертүү:** Кыргыз Республикасынын 29.04.2002-жылдагы №76 "Бухгалтердик эсеп жөнүндөгү" Мыйзамында жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында ишкердик субъектилеринде, коммерциялык эмес уюмдарда (бюджеттик мекемелерден сырткары) бухгалтердик эсепти жана каржылык отчетторду жүргүзүүнүн маселелери жөнүндөгү" Жобосунун 16-пунктунда белгиленген талаптарын бузууга жол берген, б.а. бухгалтердик эсептин туура жүргүзүлүшүн көзөмөлгө албаган "Сайдыкум-Тазалык" муниципалдык ишканасынын" жетекчиси жана башкы эсепчисине тийиштүү чараларды көрүү боюнча, Сайдыкум айыл өкмөтүнүн башчысына сунуштама жиберилсин.

**17. Арстанбап-Ата айыл өкмөтүндө** *(башчысы Ажишов Алтынбек Жапарбаевич, финансы-экономикалык бөлүмүнүн башчысы Укубаева Зиягүл Курманбековна)* **аудит мамлекеттик инспектор Т.А.Зулуев тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26.08.2008-жылдагы №471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндөгү" токтомунун 1-пунктунун талаптарын бузуу менен 13 кызматкердин командировкалык чыгымдарына жалпы **23,4 миң сом** ашыкча төлөнгөндүгү аныкталды, андан: суткалык акы төлөө чыгымына **3,2** миң сом, турак жайды ижаралоо боюнча акы төлөөгө **4,2** миң сом жана жол кире чыгымдарына **16,0** миң сом. Ашыкча төлөнгөн каражаттар бюджетке калыбына келтирилди (**классификатор боюнча коду 410205).**

**Сунуштама 1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26.08.2008-жылдагы №471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндөгү" токтомунун талаптарын бузуу менен командировкалык чыгымдарга ашыкча төлөөлөргө жол берген жооптуу кызматкерге тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын.

**Аныкталды жана корутунду 2.** Базар-Коргон районунун Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн жергиликтүү жана башка бюджеттик каражаттар эсебинен утурумдук жана капиталдык ондоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүлүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында
курулуш-куроо иштеринин наркы жана көлөмү жалпы **3371,4 миң сомго** жогорулатылгандыгы аныкталды. Каржы бузуулар толук калыбына келтирилди **(классификатор боюнча коду 230207)**. Андан:

- «**Арстанбап айылынын Арал көчөсүнө асфальт басуу**» объектиси боюнча подрядчы "Абий" ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштерге контролук өлчөө иштери жүргүзүлүп, жыйынтыгында **76,8 миң сомдук** жол четинин бекемдөө иштери аткарылбай төлөмгө кабыл алынгандыгы аныкталды.

- **"Арстанбап айылынын М.Розиев көчөсүнө асфальт басуу"** объектиси боюнча подрядчы "Абий" ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштерге контролук өлчөө иштери жүргүзүлүп, жыйынтыгында **168,4 миң сомдук** асфальт басуу иштери 72 чарчы метрге аз аткарылып бирок төлөмгө кабыл алынгандыгы аныкталды.

- **"Арстанбап айылынын Бота ата көчөсүнө асфальт басуу"** объектиси боюнча подрядчы "Абий" ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштерге контролук өлчөө иштери жүргүзүлүп, жыйынтыгында **66,2 миң сомдук** жол четинин бекемдөө иштери аткарылбай негизсиз төлөмгө кабыл алынгандыгы аныкталды.

- **"Арстанбап айылынын Бота ата көчөсүнө асфальт басуу"** объектиси боюнча подрядчы "Кош-Таш" ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштерге контролук өлчөө иштери жүргүзүлүп, жыйынтыгында **594,5 миң сомдук** жолго асфальт басуу иштери 255 чарчы

метрге аз аткарылгандыгы аныкталды. Асфальттын калыңдыгын өзгөртүүгө берилген расценкада асфальт материалы өчүрүлбөстөн, өзүнчө дагы бир эсе көп алынып актылары тапшырылган, аткарылбай төлөмгө кабыл алынган.

**“Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн Ө.Арзыкулов көчөсүнө суу лотокторун орнотуу, 1067м.”** объектиси боюнча подрядчы “Алинур плюс” ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштерге контролук өлчөө иштери жүргүзүлүп, жыйынтыгында **819,0 миң сомдук** кошуп жазуулар аныкталды. Тактап айтканда, курулуш иштеринин сметасы боюнча агын суунун басымын азайтуу максатында бир катар жерге суу токтоп өтүүчү орнотмолорду орнотуу каралган. 10,5м3 суу кудуктарын (суунун катуу агымын басаңдатуу үчүн) орнотуу берилип бирок “Алинур плюс” ЖЧКсы 10,5 м3 тун ордуна техникалык ката кетирүү менен 105м3 деп киргизип алган. Жыйынтыгында көлөмдөрдү кайра эсептөөнүн натыйжасында 6м3 суунун катуу агымын басаңдатуу үчүн бетон куймалар куюлган. Калган 99м3 суу кудук курулмалар андай көлөмдөр жоктугуна байланыштуу кыскартылды.

- **“Кызыл-Үңкүр айылындагы №21 С.Ташиев мектебин оңдоп түзөө”** объектиси боюнча подрядчы “Алинур плюс” ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштерге контролук өлчөө иштери жүргүзүлүп, жыйынтыгында **586,5 миң сомдук** кошуп жазуулар аныкталды. Тактап айтканда:

- 14,16м2 полго кафель төшөлгөн эмес.
- 46,5 м2 дубалга кафель жабыштырылган эмес.
- 5,73+3,36=9,09 чарчы метр ПВХ эшик орнотулган эмес.
- 270 даана жарыктандыруу каражаттары долбоордук чечимдерге ылайык орнотулган эмес ( 400х400 өлчөмдөгү).
- Дубал сырдоо иштери 72 м2 аз аткарылган.

- **Курулуш иштерин Мамлекеттин сатып алуулар порталы аркылуу сатып алып келишим түзүүдө** жалпы 299,5+244,0+432,8+83,7=**1060,0 миң сомдук** зыян келтирилген. Тактап айтканда, бир нече ирет тендер жарыяланып, анын жыйынтыгы менен түзүлгөн 4 даана келишим сметалык баадан жалпысы болуп 1060,0 миң сомго кымбат келишим түзүлгөн. Анын себеби, жарыя берүүдө жалпы жыйынтыктоочу сметалык баалар алынган, ал эми анын ичиндеги ашыкча чыгымдар кыскартылбай берилген.

**Сунуштама 2.** Утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик жана башка каражаттарын өздөштүрүүдө негизсиз төлөмдөргө жана мыйзам бузууларга жол берген жооптуу кызматкерлерге жана техникалык көзөмөл кызматкерине карата мыйзам чегинде тийиштүү чаралар көрүлсүн.

**18. «Арстанбап-Ата таза суу жана тазалык» муниципалдык ишканасында** *(директору Мамадалиева Хайитихан Махаматкуловна, эсепчиси Укубаева Зиягүл Курманбековна)* **аудит мамлекеттик инспектор Т.А.Зулуев тарабынан жүргүзүлдү.**

**Аныкталды жана корутунду 1.** «Арстанбап-Ата таза суу жана тазалык» муниципалдык ишканасында башкы китепчелер ачылып жүргүзүлбөгөн, калктан алынуучу төлөмдөрдүн дебитордук китептери ачылбаган.

**Сунуштама 1.** «Арстанбап-Ата таза суу жана тазалык» муниципалдык ишканасынын бухгалтердик эсеби, Кыргыз Республикасыны Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген «Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерди албаганда) бухгалтердик эсебиндеги документтердин жүгүзүлүшү жөнүндө” Жобосунун талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**Эскертүү:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында ишкердик субъектилеринде, коммерциялык эмес уюмдарда (бюджеттик мекемелерден сырткары) бухгалтердик эсепти жана каржылык отчетторду жүргүзүүнүн маселелери жөнүндөгү” Жобосунун 16-пунктунда белгиленген талаптарын бузууга жол берген, б.а. бухгалтердик эсептин туура жүргүзүлүшүн көзөмөлгө албаган “Арстанбап-Ата таза суу жана тазалык” муниципалдык

ишканасынын” жетекчиси жана башкы эсепчисине тийиштүү чараларды көрүү боюнча, Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн башчысына сунуштама жиберилсин.

## С У Н У Ш:

**1.** Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында, бюджеттик мекеме уюмдарында жана муниципалдык ишканаларында жүргүзүлгөн шайкештик аудиттердин жыйынтыктары жергиликтүү Кеңештердин депутаттарынын катышуусунда каралсын. Каржы бузууларга жол берген жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчыларына, финансы-экономика бөлүмүнүн башчыларына, муниципалдык мекемелердин жетекчилерине жана башкы эсепчилерине тартип жоопкерчилигин берүү жагы каралсын. Ошондой эле аныкталган каржы бузууларды толук жоюу жана мындан ары жол бербөө боюнча тиешелүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**2.** Аудит жүрүшүндө төмөнкү өз алдынча башкаруу органдарында жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүндө аныкталып, бирок толук өндүрүлбөй калган каржы бузууларды калыбына келтирүү боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн:

**2.1. Базар-Коргон шаардык мэриясы боюнча:**

- **к**омандировкалык чыгымдар үчүн ашыкча төлөнгөн **53,1 миң сом** тиешелүү кызматкерлердин эсебинен бюджетке калыбына келтирилсин;

- өндүрүлбөй калган **3,7 миң сомдук** чарба буюмдар жана тамак аштан жетишпестик тийиштүү кызматкерлерден учурдагы базар баасында өндүрүлүп, бюджетке кайтарылсын;

- жоопкерчиликке берилген **70,0 миң сом** тийиштүү жооптуу жактан өндүрүлүп, тиешелүү бюджетке ордуна коюлсун;

- аныкталган жалпы **1466,4 миң сомдук** курулуш-куроо иштериндеги кошуп жазуулар толугу менен бюджетке калыбына келтирилсин, андан: “Абий” ЖЧКсы тарабынан **960,3** миң сом, “БС-Арх” ЖЧКсы тарабынан **412,6** миң сом жана “СК Биримдик” ЖЧКсы тарабынан **93,5** миң сом.

**2.2. Базар-Коргон шаарынын “Базар-Коргон сууканал” муниципалдык ишканасы боюнча** жооопкер жактар менен болгон эсептешүүдөгү 262,5 миң сомдук дебитордук карыздан ордуна коюлбаган **41,3 миң сому** ордуна коюлсун.

**2.3. Акман айыл өкмөтүнүн “Акман” муниципалдык ишканасы боюнча** эмгек акы төлөөдө чегерилбей калган **86,5 миң сомдук** социалдык фондго төлөмдөр мамлекеттик бюджетке өндүрүлүп ордуна коюлсун.

**2.4. Кеңеш айыл өкмөтү боюнча:**

- кызматтык сапарда жүргөн кызматкерлерге транспорттук чыгымдар жана тамактануу үчүн негизсиз төлөнгөн **32,9 миң сом** компенсация төлөмү бюджетке калыбына келтирилсин;

- айыл өкмөттүн аппарат кызматкеринин (жер адиси Т.Исаев) жоопкерчилигинен аныкталган жалпы **145,1 миң сомдук** жабдуулардын жетишпестиги өндүрүлүп ордуна коюлсун;

- жооптуу кызматкерлерге отчеттуулукка берилген **41,6 миң сом** акча каражаты тийиштүү кызматкерлерден өндүрүлүп бюджетке ордуна коюлсун;

- калыбына келтирилбеген **246,9 миң сомдук** курулуш-куроо иштеринин наркы жана көлөмүн жогорулатууларды калыбына келтирүү боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн, андан: 2 курулуш объектиси боюнча “Дос Инвест” ЖЧКсы тарабынан **67,8 миң сомдук** жумуштар аткарылып, **49,2 миң сом** бюджетке калыбына келтирилсин; “Аперикон” ЖЧКсы тарабынан **59,6 миң сом** жана “Ак-Суу строй суу курулуш” ЖЧКсы тарабынан **70,3 миң сом** бюджетке калыбына келтирилсин.

**2.5. Сайдыкум айыл өкмөтү боюнча:**

1) Кызматтык сапарда жүргөн 11 кызматкерге транспорттук чыгымдар жана тамактануу үчүн негизсиз төлөнгөн **14,0 миң сом** компенсация төлөмү бюджетке калыбына келтирилсин.

2) Аныкталган **348,7 миң сомдук** нормадан ашыкча көмүр-отун запастары 2025-жылдагы каржылоодо эсепке алынып, калыбына келтирилсин;

3) **274,9 миң сомдук** курулуш-куроо иштеринин наркын жана көлөмүн жогорулатууларды калыбына келтирүү боюнча тийиштүү чаралар көрүлсүн, андан:

- "Аалам СтройГрупп" ЖЧКсы тарабынан **51,5 миң сом** бюджетке калыбына келтирилсин;

"Миллион строй" ЖЧКсы тарабынан **202,3 миң сом** бюджетке калыбына келтирилсин;

-"№37 Сайдыкум орто мектебинин айланасын тосуу" иштериндеги КР "Мамлекеттик сатып алуу жөнүндө" мыйзамынынын талаптарын бузуудан чыккан **21,1 миң сомдук** айырмачылык тийиштүү кызматкерлер тарабынан бюджетке калыбына келтирилсин.

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мамлекеттик инспектору** **Э.Ы.Караев**

**Курулуш боюнча мамлекеттик инспектор** **М. Пайздиллабеков**